ТОКАЕВДИН ТАНДООСУ

4-майда Казакстандын Сенаты жаңы спикерлүү болду. Мамлекет башчысынын жарлыгы менен спикерлик укугунан жана депутаттык мандатынан ажыратылган Дарига Назарбаеванын ордуна Казакстан президентинин администрациясынын башчысынын мурдагы биринчи орун басары, 49 жаштагы Маулен Ашимбаев Сенаттын спикери болуп дайындалды.

АБА МАЙДАНДЫН 45 ЖАШЫ

Өлкөбүздүн башкы аба дарбазасы – "Манас" Эл аралык аэропорту 4-майда 45 жылдык маараксин белгиледи. 1975-жылдын 4-майында бул аэропорттон "Москва-Фрунзе" багытында биринчи туруктуу аба каттамы ачылган.

КОРОНАВИРУС ХРОНИКАСЫ

Соңку учурга чейин коронавирустан тазабыз деген Тажикстанда 4-майга карата 128 адамдан инфекция аныкталды. Кыргызстанда коронавирус жуккандардын саны 830 адамды түздү. Казакстанда 4-майдын таңына 44 жаңы учур катталып, жалпы сан 3964 адамга, Өзбекстанда 2160ка жетти. Ал эми Россияда 3-майда сутка ичинде 10633 адамдан инфекция аныкталып, рекорддук көрсөткүч белгиленди. Акыркы маалыматтар боюнча дүйнөдө вирус жуккандардын жалпы эсеби 3 млн 523 миң 121 адамга жетип, алардын 247 752си каза тапты.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик расмий гезити

Эркин Тоо

№35 (3107)

WWW.ERKINTOO.KG

Шейшемби, 2020-жылдын 5-майы

УЗАК СЫНООНУН БААСЫ УЛУУ ЖЕҢИШ!

Улуу Ата Мекендик согуштагы Жеңиштин 75 жылдыгына карата 9-майда Москвада өткөрүү белгиленген юбилейлик аскердик парад коронавирус пандемиясына байланыштуу белгисиз мөөнөткө жылдырылды.
Ал эми борбор калаабыз Бишкекте Жеңиштин 75 жылдыгынын урматына Советтер Союзунун Баатыры Чолпонбай Түлөбердиев атындагы парк ачылат.
Жеңиш майрамыңар кут болсун, ардактуу майдан ардагерлери, оорук кайраткерлери, баатыр муундун урпактары!

НӨШӨРДӨ САК БОЛГУЛА!

Соңку күндөрдөгү нөшөрлүү жамгырлардан улам 2-3-майда Баткен облусунун Лейлек районунда жана Жалал-Абад облусунун Аксы районуна караштуу Жаңы-Жол айылында сел жүрдү.
Кыргызгидромет кызматынын билдирүүсүнө караганда, 5-8-май күндөрү өлкөбүздүн аймактарында мезгил-мезгили менен жамгыр жаап, тоолорго кар түшөт. Дарыяларда суунун деңгээли көтөрүлүп, сел жүрүү коркунучу сакталат.

2-БЕТТЕ

САНААГА САЛГАН САРДӨБӨ

1-майда Өзбекстандын Сырдарыя облусунда Сардөбө суу сактагычынын дамбасы жарылып, суу ташкыны кошуна Казакстандын Түркстан облусуна чейин каптады. 2-майда кырсык болгон аймакка Президент Шавкат Мирзиёев келди. 70 миң адам коопсуз жерлерге көчүрүлдү.

2-БЕТТЕ

МАМЛЕКЕТТИН ТУРМУШУНДА КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАНЫН ӨЗГӨЧӨ ОРДУ БАР

Президент Сооронбай Жээнбеков кечээ, 4-майда Кыргыз Республикасынын Конституциясынын күнүнө карата Жогорку Соттун Конституциялык палатасынын төрагасы Карыбек Дүйшеевди кабыл алды.

Жогорку Соттун Конституциялык палатасынын төрагасын жана бардык кыргызстандыктарды 5-майда белгиленүүчү майрам менен куттуктаган Сооронбай Жээнбеков Конституциялык палатанын мамлекеттин турмушундагы өзгөчө ордун белгиледи. Ошону менен бирге ал Кыргыз Республикасында адамдын жана жарандын конституциялык укуктары менен эркиндигин коргоо, конституциялык көзөмөл жүргүзүү боюнча мындан аркы иштерде ийгиликтерди каалады.

Конституциялык палатанын төрагасы Карыбек Дүйшеев Конституциялык палатанын алдында турган негизги пландар менен жакын арадагы милдеттер, анын ичинде санаритештирүү жана материалдык-техникалык камсыздоону өркүндөтүү боюнча айтып берди.

ЖЕҢИШ МАЙРАМЫНА КАРАТА МАССАЛЫК ИШ-ЧАРАЛАР ӨТКӨРҮЛБӨЙТ

“Түзүлгөн кырдаалга байланыштуу биз 9-майда Улуу Ата Мекендик согуштагы Жеңиштин 75 жылдыгына карата массалык иш-чараларды өткөрө албайбыз”, - деп айтты Президент Сооронбай Жээнбеков Коопсуздук кеңешинин 28-апрелде чакан курамда өткөн жыйынында.

Ошону менен бирге Сооронбай Жээнбеков Улуу Ата Мекендик согуштун ардагерлерине жана тылдын катышуучуларына өткөн жылдардагыдай эле өзгөчө көңүл бөлүнөрүн, жалпыга маалымдоо каражаттарында Улуу Жеңишке арналган долбоорлор кеңири чагылдырыларын белгиледи.

ТЕЛЕФОНДОГУ БААРЛАШУУ

4-майда Президент Сооронбай Жээнбеков кесиптештери, Казакстан Республикасынын Президенти Касым-Жомарт Токаев жана Өзбекстан Республикасынын Президенти Шавкат Мирзиёев менен телефон аркылуу сүйлөштү.

Мамлекет башчылары эки тараптуу өз ара кызматташуунун келечектүү маселелерин, ошондой эле жакынкы келечекке болгон пландарды талкуулашты. Ошондой эле алар мындан ары коронавирус инфекциясынын жайылышына жол бербөө боюнча биргелешкен аракеттерди жүргүзүү тууралуу да пикир алмашышты.

Сооронбай Жээнбеков Өзбекстандын Президенти Шавкат Мирзиёевге Сардөбө суу сактагычындагы дамбанын жарылып, калктуу пункттарды суу каптаганына байланыштуу колдоо сөздөрүн айтты. Президенттер татаал мезгилде эки өлкөнүн бир туугандай эли ар дайым бири-бирине колдоо көрсөтүп келишкендигин өзгөчө белгилешти.

КООМДУК САЛАМАТТЫКТЫ САКТООНУН РОЛУН КҮЧӨТҮҮ ЗАРЫЛ

Президент Сооронбай Жээнбеков 30-апрелде Өкмөткө караштуу Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фондунун төрайымы Элнура Боронбаеваны кабыл алып, аны менен өзгөчө кырдаал жана өзгөчө абал шарттарында медициналык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу боюнча чараларды талкуулады.

Сооронбай Жээнбеков өлкөбүздө коронавирус инфекциясына каршы күрөшүүдө саламаттыкты сактоо тармагында системалуу алешемдиктер орун алып жаткандыгына токтолуп, коомдук саламаттыкты сактоонун ролун күчөтүүнүн өзгөчө зарылдыгын баса белгиледи. Ошондой эле ал келип жаткан эл аралык жардамдарды ырааттуу пайдалануу керектигин эскертти.

Коронавирус инфекциясына каршы туруу багытында фонд жүргүзүп жаткан иштер боюнча маалымат берген Элнура Боронбаева учурда бардык мамлекеттик медициналык мекемелерде медицина кызматкерлери үчүн жеке коргоочу каражаттардын запасы бар экендигин билдирди.

Айтымында, коргоочу каражаттарды сатып алуу улантылып жатат, медициналык мекемелер алардын запастары менен күн сайын толукталууда. Жалпысынан акыркы 3,5 айдын ичинде бул максатка 187 млн сом жумшалды. Элнура Боронбаева мындан сырткары, тиешелүү мамлекеттик органдар менен бирге дарылардармектердин баасын жөнгө салуу боюнча иштер жүргүзүлүп жаткандыгын кошумчалады.

ТАБИГЫЙ КЫРСЫК КЕЛТИРГЕН ЧЫГЫМДАР ТАКТАЛУУДА

Премьер-министр Мухаммедкалый Абылгазиев Баткен облусунун Исфана шаарында орун алган соңку селдин кесепеттерин жоюуга байланыштуу жыйын өткөрдү.

Өзгөчө кырдаалдар министри Замирбек Аскаровдун маалымату боюнча аталган калаада нөшөрлөгөн жамгырдан улам сел жүрүп, анын кесепетинен административдик мекемелерди жана турак жайларды суу каптады. Министрдин орун басары Равшан Рысбаев жетектеген министрликтин ыкчам тобу кырсык болгон аймакка барып, учурда селдин кесепеттерин жоюу жана келтирилген материалдык чыгымдын көлөмүн аныктоо боюнча иштер жүргүзүлүүдө, ал эми электр энергиясын берүү калыбына келтирилди.

Өкмөт башчысы бардык мүмкүн болуучу кооптуу аймактарда алдын алуу боюнча иш-чараларды өз убагында жүргүзүү боюнча бир катар тапшырмаларды берди.

КУБАТБЕК БОРОНОВ БИШКЕКТЕГИ ОБСЕРВАЦИЯЛЫК ЖАЙЛАР МЕНЕН ТААНЫШТЫ

Кыргыз Республикасынын биринчи вице-премьер-министри Кубатбек Боронов, Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппарат жетекчисинин биринчи орун басары Алмаз Кененбаев 3-майда мурдагы “Манас” транзиттик ташуулар борборунун аймагында обсервациялык пункттарды даярдоонун жүрүшү менен таанышышты.

“Коопсуздук кеңешинин чечимине ылайык, болжол менен 670 адамды жайгаштырууга эсептелген 6 корпусту оңдоо иштери жүргүзүлдү. Палаталар бардык зарыл шарттар менен камсыздалды жана алар санитардык-эпидемиологиялык талаптарга толук жооп берет. Бул имараттарды обсервация катары пайдалануу болот, ошондой эле аларга оорусу жеңил өтүп жаткан же илдеттин белгилери күмөн санаткан бейтаптарды жайгаштырса болот”, - деди Кубатбек Боронов. Эки орундуу ар бир палатада санитардык түйүн, душ жана ысык тамак берүү үчүн атайын терезелер бар. Мындан тышкары, медициналык кызматкерлер үчүн атайын имараттар каралган.

БЫЙЫЛ ЭЛЕКТР ЭНЕРГИЯСЫНЫН БААСЫ КӨТӨРҮЛБӨЙТ

Коронавирус инфекциясына карабастан, 2020/2021-жылдардагы күзкыш мезгилине даярдык көрүү өз убагында башталышы керек. Премьер-министр Мухаммедкалый Абылгазиев өлкөбүздүн экономика тармактарын жана калкты 2020/2021-жылдардагы күзкыш мезгилине даярдоо жөнүндө токтомго кол койду.

“Былтыркы токтомдун талаптары жакшы аткарылды. Аба ырайы жылуу болгондуктан, авариялык өчүүлөр аз болду жана Токтогул суу сактагычында суунун болжолдонгон көлөмү 4%га үнөмдөлдү. Адистердин божомолунда быйыл суу аз болот. Токтогул суу сактагычындагы суунун көлөмү күзүндө 15 миллиард 600 миллион метр кубдан ашпайт. Ошондуктан, импорттук жана жергиликтүү көмүрдү, ошондой эле мазут менен газды азыртадан жетиштүү камдап алышыбыз керек. Быйыл электр энергиясынын баасы көтөрүлбөйт, мурунку деңгээлинде калат”, - деп баса белгиледи Мухаммедкалый Абылгазиев энергетика тармагынын өкүлдөрү менен видео конференция режиминде өткөргөн жыйында.

Даярдаган
Атай АЛТЫМЫШЕВ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН 2019-ЖЫЛДЫН 14-МАРТЫНДАГЫ "1941-1945-ЖЫЛДАРЫ УЛУУ АТА МЕКЕНДИК СОГУШТАГЫ ЖЕҢИШТИН 75 ЖЫЛДЫГЫН МАЙРАМДООГО ДАЯРДЫК КӨРҮҮ ЖАНА ӨТКӨРҮҮ ЖӨНҮНДӨ" ЖАРЛЫГЫНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН

ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 65-беренесине ылайык **токтом кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2019-жылдын 14-мартындагы №39 "1941-1945-жылдары Улуу Ата Мекендик согуштагы Жеңиштин 75 жылдыгын майрамдоого даярдык көрүү жана өткөрүү жөнүндө" Жарлыгына төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- 3-пункт төмөнкүдөй редакцияда берилсин:

"3. Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Генералдык штабы төмөнкүлөрдү уюштурсун жана өткөрсүн:

- өзүнчө план боюнча кошумча тиешелүү иш-чараларды;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен биргеликте "1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы Жеңишке 75 жыл" юбилейлик медалы менен 1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштун ардагерлерин жана аларга теңештирилген адамдарды сыйлоону.".

2. Бул Жарлык расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти С.ЖЭЭНБЕКОВ

Бишкек ш., 2020-жылдын 30-апрели, ПЖ №81

Улуу жеңиштин 75 жылдыгына карата

ЖЕҢИШ КҮНҮН ЖАКЫНДАТУУГА САЛЫМЫН КОШКОН

Биз Ноокат районундагы орто мектепте окуп жүргөн учурда Кимсан Мырзабабаев, Ганы Султанов, Тажмамат Сапаров, Абдраим Шарипбаев деген Улуу Ата Мекендик согушка катышкан агайларыбыз иштечү. Андан бери арадан көп жылдар өттү. Жашоонун мыйзамы, кудайдын буйругу дегендей ал агайларыбыздын көбү азыр арабызда жок. Алардын арасынан бизди 5-класста кыргыз тили жана адабияты сабагынан окуткан Абдраим Шарипбаев агай гана бүгүнкү күндө бакубат өмүр сүрүүдө. Ал азыр 96 жашта. Арадан жарым кылымдан ашуун убакыт өтсө да ошондогу агайдын окуткан сабактары али эсимде. Айрыкча, Мукай Элебаевдин "Зарлык", Касымалы Баялиновдун "Ажар" аттуу аңгемелерин Абдраим агай өз сөзү менен тестиер балдардын сезимдерине жеткире баяндап бергенде, бул чыгармалардагы окуялар көз алдыбызга тартылып, андагы окуяларга сүңгүп кирип, сабактын кантип аяктап калганын сезбей калчубуз. Ошондо, Абдраим агай окуткан кыргыз адабияты биз үчүн сүйүктүү сабакка айланган болчу. Анын үстүнө агайдын окуучуларды жемелеп, үрпөңдөгөнүн да такыр көрбөдүк. Качан болсо оор басырык, жарык маанай, сыпайы калыбынан жазчу эмес.

Биз агайды биринчи жолу көргөнүбүздө көңүлүбүз анын мулуйган оң колуна бурулган. Анткени, агайдын чыпалагы менен аты жок манжалары жок экен. Эмне себептен мындай болуп калганын сураган да жокпуз. Ал учурда согуштун катышуучулары айылыбызда абдан көп болчу. Согуштун майыптары да бир топ эле. Ушуга байланыштуу кыябы келип турганда бир окуяны айта кетейин. Айылыбыздын орто ченинде үч жолдун кесилишкен жери бар. Ошол жерде бир топ кишилер сүйлөшүп турушса, ылдый тараптан балдакчан Момун чолок келе жатыптыр, колхоздун конторасына барчу жол менен ылдый тараптан Мамасак чолок келаткан экен, өйдөнү көздөй кеткен жол менен буту темир Шакир чолок келе жатыптыр. Муну көргөн топ кишилердин бирөө "Карасаңар, бизди туш тарабыбыздан чолоктор басып келе жатат, эмне кылабыз" - десе, баары каткырып күлүп жиберишиптир. Ошондо араларынан бирөө "эй, күлбөгүлө, булар биз үчүн деп согуш талааларына бирден буттарын калтырып келишкен" - деп айтканда ошол жерде тургандар "туура, туура" дешип дароо олуттуу боло түшүшүптүр.

Абдраим агайыбыздын да оң колунун чыпалагы менен аты жок манжасынын эмне себептен жок болуп калганын кийин билбедикпи. 1965-жылы 9-май жеңиш күнүнө жакын калганда 4-5-класстын окуучуларын чогултуп, согуштун катышуучулары менен мектепте жолугушуу өткөрүлүп калды. Бул жолугушууга согуштун катышуучулары Абдраим агай, Тажмамат агай, согушта көрсөткөн эрдиктери үчүн "Кызыл Жылдыз" ж.б. орден-медалдар менен сыйланган айылдашыбыз Абдимажит Ахунов чакырылган экен, сөздү Абдимажит ата баштап, согушта кандай эрдиктерди жасагандыгы, кантип "Кызыл Жылдыз" ордени менен сыйлангандыгы тууралуу аңгеме куруп берди. Тажмамат агай болсо согушка катышкандыгы тууралуу айтып жатып, токтоно албай бышактап жиберди. Ал эми Абдраим агайдын согуш тууралуу баяны баарыбыздын эсибизде унутулбай сакталып калды. Буга агайдын мугалим болгондугу түрткү болду көрүнөт. Агайдын айтуусу боюнча ал фронтко 1943-жылдан тартып катыша баштаган. "Бир жолу душманды көздөй чабуулга өтө турган болдук, - деп сөзүн баштады ал. - Адегенде биздин артиллерия фашисттер турган позицияны аябагандай аткылады, үстү жагынан самолёт менен да бомбалады, душмандын күлү асманга сапырылгандай эле болду. Биз ал жакта бир да тирүү жан калбаса керек-деп ойлогонбуз. Бирок, ал жактагы чаң-тополоң тарагандан кийин карасак, дагы эле немистер ары-бери чуркап жүрүшүптүр. Ошондо командир чабуулга өтүүгө команда берип, "Урраа" деп чуркап жөнөгөндө, биз да туруп алып "урраалап", душманды көздөй чуркап жөнөдүк. Чуркап баратабыз, чуркап баратабыз, немистер бизди көздөй окту жаадырышты. Арабыздан ок тийгендер кулап калып жатышты. Кыйла жүгүрүп отуруп немистер менен бетме-бет жолугуп калдык, жекеме-жеке кармаш башталды. Баарыбыз бир-бирден немис менен кармашып жатабыз, биздин бир орусубуз өзү жалгыз эки немисти муунтуп жатыптыр" - деп агай айтканда, биз балдарбыз да баарыбыз залды жаңырта каткырып жибердик. "Ошол жерден бир топ немистерди колго түшүрүп алдык, - деп кайрадан сөзүн улантты Абдраим агай. Карасак аскердик кийимибизден тамтык калбаптыр, туш тарабы тытык, анткени, кийимибиздин четине тийген октор кийимибизди көзөп өтө бериптир. Кичине баш-аягыбызды жыйнап алган соң кайрадан чабуулга өттүк, урраалап чуркап баратабыз, чуркап баратабыз, немистер атып жатышат, биз да автоматтарыбыз менен атып бараттык. Бир убакта колумдун тыз дегенин сездим, бирок, токтогон жокмун, чуркап кете бердим. Бир жерге барганда чабуул токтоду, немистерди кыйла чегинттик. Анан жанагы тыз деп ачышкан колумду карасам, мынабу колумдун (мулуйган оң колун көрсөтүп) чыпалагы менен аты жогу салаңдап туруптур, кан болсо шорголоп агып жатыптыр, далы тарабыма да ок тийген экен, бүткүл боюм кан экен, чабуулдун күчү менен жаштыкка салып ок тийгенин да билбептирмин, анан алсырай баштадым, мени дароо госпиталга алып кетишти" - деди агай сөзүн аяктап жатып. Абдраим агайдын доскага бор менен жазып жүргөн колунун эмне себептен мулуюп калганын биз ошондо билип, тунжурап отуруп калдык. Азыр ойлосом Абдраим агай ал жолугушууда бизге согуштун бир гана элесин баяндап берген тура.

1941-жылы Абдраим агай 15 жашка толгондо атасы Шарипбай биринчилерден болуп согушка аттанганда анын богоногу ката элек өспүрүм чагы оор учурга туш келет. Апасы Бурма экөө үйдүн да, талаанын да ишин күн тынымын албай бирге тартышат. Анткени, Абдраим агайдан кийинки дагы кичинекей төрт иниси бар болчу. Бирок, мектепте алдыңкылардан болуп окугандыгы, зээндүүлүгү анын согушка кеткен мугалимдердин ордуна мугалим болуп иштөөсүнө түрткү болот. Ал 1942-жылы мугалимдерди даярдоо курсун бүтүргөндөн кийин 1942-1943-жылдары Ноокат районундагы Тельман атындагы башталгыч мектепте мугалим болуп иштеп жүрөт. Аңгыча Абдраим агайдын жаш курагы келип калгандыктан аскер комиссариатынан чакыруу барагы келет. Апасы Бурма "уулумдун атасы согушта жүрбөйбү, эмне баласын да согушка аласыңарбы?" - деп чырылдайт. Байкуш эне согуштун тартиби ушунчалык катаал болоорун кайдан билсин. 1943-жылдын август айынан тартып Абдраим Шарипбаев Өзбекстандын Шахрисаб шаарында 3 ай согуштук даярдыктан өткөн соң, фронтко жөнөйт. Фронтко бараткан жолдо Абдраим агай урушта жүргөн атама жолугуп калсам экен, деп тилек кылат. Бирок, батышта жүрүп жаткан апааттын кулачы ушунчалык кенен экендиги оюна келбептир. Ал 1943-жылдын ноябрь айынан тартып атактуу 1-Украиналык фронттун 63-полкунун катарында көп жолу кандуу майдандарга катышат. Ошондой айгышкан салгылашуулардын биринде Абдраим агай оор жарадар болуп, госпиталда 5 ай жаткан соң, комиссия аны 2-топтогу майыпка чыгарат. 1944-жылы июль айында үйүнө кайтып келип, сентябрь айынан тартып Интернационал 7 жылдык мектебинде мугалимдик кесибин улантат. Андан жыл узабай жеңиш күнү келип, согуштун башталышынан тартып, жеңиш күнүнө чейинки узак жолду басып өткөн атасынын үйүнө кайтып келиши беш уулун чексиз бакытка бөлөгөн. Ошентип, тынчтык жашоо өкүм сүрүп, Абдраим агай 1955-жылы Пишпектеги педагогикалык институттун кыргыз тили жана кыргыз адабияты факультетин бүтүрүүгө үлгүрөт. Ал биз окуган "Интернационал" орто мектебинде узак жылдар бою иштеген болчу. Бирок, үйбүлөлүк шартка байланыштуу кийин башка мектепке которулуп кетет. Ал 1980-жылга чейин жалпысынан алганда 49 жыл үзгүлтүксүз мугалим болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө Абдраим агай окуткан окуучуларынын кимисинен болбосун "ал кандай мугалим болгон?" - деп сурасаңыз, "Абдраим агай жакшы агай болгон" - деп айтаарына ишенем. Ошондуктан, биз агайыбызды чыныгы элдик мугалим деп атап алсак да болот. Анткени, ал ошого татыктуу. Ырас, агайдын согушта көрсөткөн эрдиктери жана эмгеги үчүн алган медаль, ордендери, сыйлыктары жок эмес. Бирок, 96 жаштагы Абдраим Шарипбаевдин аксакалдыгын сыйлап, Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу катары баалап, Улуу Жеңиштин 75 жылдыгынын урматына ага Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими наамы ыйгарылса, бул бир жагынан кыргыз бийлигине бир топ аброй алып келсе, экинчи жагынан сыйлык чыныгы, татыктуу ээсин тапкан болоор эле.

Абдимухтар АБИЛОВ

Боосу бекем боордоштук

КАЗАКСТАНДАН 800 ТОННА УН КЕЛДИ

Өткөн аптада Казакстандан темир жол аркылуу Бишкекке гуманитардык жардам катары 12 вагонго жүктөлгөн 800 тонна ун келди. Бул өлкөбүзгө боордош элден келчү ундун биринчи партиясы. Дагы да 4200 тонна ун этап-этабы менен жеткирилет.

Бул акция Казакстан Республикасынын Президенти Касым-Жомарт Токаевдин түздөн-түз тапшырмасын аткаруу алкагында ишке ашууда. 10-апрелде Түрк тилдүү мамлекеттердин кызматташтык кеңешинин видеоконференциясында Казакстандын мамлекет башчысы К.Токаев: «COVID-19 пандемиясы абалында элибиз үчүн боордош мамлекеттердин жарандарына кол кабыш кылуу маанилүү, азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу үчүн Кыргызстан менен Тажикстанга колдоо (ар бирине 5 миң тоннадан ун берилет) көрсөтүлөт», - деп айткан болчу.

Казакстан Республикасынын Кыргыз Республикасындагы элчилигинин өкүлдөрү катышкан жүктөрдү тапшыруу аземинде Кыргызстандын айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министри Эркинбек Чодуев кыргыз тарап Казакстан Өкмөтүнүн жардамын жогору баалай тургандыгын айтып, колдоо көргөзгөнү үчүн боордош казак элине терең ыраазычылыгын билдирди.

Назарбек БАЙЖИГИТОВ

«ҮЙ-БҮЛӨЛҮК ЗОМБУЛУКТАН САКТОО ЖАНА КОРГОО ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2020-жылдын 5-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-берене

«Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2017-ж, №4, 290-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-бereneнин 3-пунктунда «коргоо ордери» деген сөздөр «убактылуу коргоо ордери» деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 4-бereneнин 8-пунктунда «жазык ишин же администрациялык өндүрүштү козгоо фактысына» деген сөздөр «өндүрүштө жазык иши же жоруктар жөнүндө иш бар экенине» деген сөздөргө алмаштырылсын;

3) 10-бereneнин 2-бөлүгүнүн 2-пункту «коргоо ордеринин» деген сөздөрдөн мурда «убактылуу» деген сөз менен толуктalсын;

4) 16-бereneнин 1-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1) чечимдери же аракеттери (аракетсиздиги) үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо чөйрөсүндө адам укуктарын жана эркиндиктерин бузууга алып келген кызмат адамдарына жана кызматчыларга карата жазык иши боюнча тартиптик өндүрүш же сотко чейинки өндүрүш козгоо жөнүндө өтүнүч менен сунуштамаларды мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, менчигинин формасына карабастан ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга жөнөтөт;»;

5) 17-бereneнин 3-пунктунда «администрациялык укук бузуулар жөнүндө» деген сөздөр «бузуулар жөнүндө» деген сөздөргө алмаштырылсын;

6) 23-бereneнин 2-бөлүгүнүн 4-пунктунда «коргоо ордеринин» деген сөздөрдөн мурда «убактылуу» деген сөз менен толуктalсын;

7) 24-бereneнин 1-бөлүгүндө:

а) 3-пункт «коргоо ордеринин» деген сөздөрдөн мурда «убактылуу» деген сөз менен толуктalсын;

б) 4-пунктунда «же администрациялык» деген сөздөр алып салынсын;

8) 25-беренеде:

а) бereneнин бүткүл тексти боюнча ар түрдүү жөндөмөлөрдөгү «коргоо ордери» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөлөрдөгү «убактылуу коргоо ордери» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 1-бөлүгүндө:

-1-пунктунда «, Администрациялык жоопкерчилик жөнүндө кодексинде» деген сөздөр алып салынсын;

-3 жана 10-пункттарда «администрациялык же» деген сөздөр алып салынсын;

9) 26-бereneнин аталышында жана бүткүл тексти боюнча ар түрдүү жөндөмөлөрдөгү «коргоо ордери» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөлөрдөгү «убактылуу коргоо ордери» деген сөздөргө алмаштырылсын;

10) 27-беренеде:

а) аталышында жана бereneнин бүткүл тексти боюнча ар түрдүү жөндөмөлөрдөгү «коргоо ордери» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөлөрдөгү «убактылуу коргоо ордери» деген сөздөргө алмаштырылсын;

б) 5-бөлүгүндө «администрациялык» деген сөз «жазык» деген сөзгө алмаштырылсын;

11) 28-бereneнин аталышында жана бүткүл тексти боюнча ар түрдүү жөндөмөлөрдөгү «коргоо ордери» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөлөрдөгү «убактылуу коргоо ордери» деген сөздөргө алмаштырылсын;

12) 29-бereneнин аталышында жана бүткүл тексти боюнча ар түрдүү жөндөмөлөрдөгү «коргоо ордери» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөлөрдөгү «убактылуу коргоо ордери» деген сөздөргө алмаштырылсын;

13) 30-бereneнин 2-бөлүгү «коргоо ордеринин көчүрмөсү» деген сөздөрдөн мурда «убактылуу» деген сөз менен толуктalсын;

14) 31-бereneнин 1-бөлүгү «коргоо ордери берилген учурдан тартып» деген сөздөрдөн мурда «убактылуу» деген сөз менен толуктalсын;

15) 38-берене төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«38-берене. Ушул Мыйзамды аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик

Ушул Мыйзамды аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоону жана коргоону жүзөгө ашыруучу субъекттер жана алардын кызмат адамдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликти тартышат.».

2-берене

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү алты айлык мөөнөттө өзүнүн чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖЭЭНБЕКОВ**

Бишкек ш., 2020-жылдын 15-апрели, №41

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «ОБ ОХРАНЕ И ЗАЩИТЕ ОТ СЕМЕЙНОГО НАСИЛИЯ»

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 5 марта 2020 года

Статья 1

Внести в Закон Кыргызской Республики «Об охране и защите от семейного насилия» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2017 г., №4, ст. 290) следующие изменения:

1) в пункте 3 статьи 1 слова «охранный ордер» заменить словами «временный охранный ордер»;

2) в пункте 8 статьи 4 слова «факта возбуждения уголовного дела или административного производства» заменить словами «наличия в производстве уголовного дела или дела о проступке»;

3) пункт 2 части 2 статьи 10 после слов «исполнение условия» дополнить словом «временного»;

4) пункт 1 статьи 16 изложить в следующей редакции:

«1) направляет в государственные органы, органы местного самоуправления, предприятия, учреждения и организации независимо от форм собственности представления с ходатайством о возбуждении дисциплинарного производства или досудебного производства по уголовному делу в отношении должностных лиц и служащих, решения или действия (бездействие) которых повлекли нарушение прав и свобод человека в сфере охраны и защиты от семейного насилия;»;

5) в пункте 3 статьи 17 слова «об административных правонарушениях» заменить словами «о нарушениях»;

6) пункт 4 части 2 статьи 23 после слов «исполнения условий» дополнить словом «временного»;

7) в части 1 статьи 24:

а) пункт 3 после слова «продление» дополнить словом «временного»;

б) в пункте 4 слова «или административной» исключить;

8) в статье 25:

а) по всему тексту статьи слова «охранный ордер» в различных падежных формах заменить словами «временный охранный ордер» в соответствующих падежах;

б) в части 1:

-в пункте 1 слова «, Кодексом об административной ответственности» исключить;

-в пунктах 3 и 10 слова «или административной ответственности» исключить;

9) в наименовании и по всему тексту статьи 26 слова «охранный ордер» в различных падежных формах заменить словами «временный охранный ордер» в соответствующих падежах;

10) в статье 27:

а) в наименовании и по всему тексту статьи слова «охранный ордер» в различных падежных формах заменить словами «временный охранный ордер» в соответствующих падежах;

б) в части 5 слово «административную» заменить словом «уголовную»;

11) в наименовании и по всему тексту статьи 28 слова «охранный ордер» в различных падежных формах заменить словами «временный охранный ордер» в соответствующих падежах;

12) в наименовании и по всему тексту статьи 29 слова «охранный ордер» в различных падежных формах заменить словами «временный охранный ордер» в соответствующих падежах;

13) часть 2 статьи 30 после слов «прилагается копия» дополнить словом «временного»;

14) часть 1 статьи 31 после слов «с момента выдачи» дополнить словом «временного»;

15) статью 38 изложить в следующей редакции:

«Статья 38. Ответственность за неисполнение настоящего Закона

За неисполнение или ненадлежащее исполнение настоящего Закона субъекты, осуществляющие охрану и защиту от семейного насилия, и их должностные лица несут ответственность, предусмотренную законодательством Кыргызской Республики.».

Статья 2

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

Правительству Кыргызской Республики в шестимесячный срок привести свои решения в соответствие с настоящим Законом.

Президент Кыргызской Республики **С. ЖЭЭНБЕКОВ**

г.Бишкек, 15 апреля 2020 года, №41

«КАЛКТЫ ИШ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУГА КӨМӨКТӨШҮҮ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2020-жылдын 4-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-берене

«Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2015-ж., №7, 1049-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 2-бereneнин 10-пункту «жашаган жеринен» деген сөздөрдөн кийин «же болбосо турган жеринен» деген сөздөр менен толуктalсын;

2) 5-беренеде:

а) 1-бөлүгүндө:

биринчи абзацында «алардын туруктуу жашаган жери» деген сөздөр «жашаган жери же болбосо турган жери» деген сөздөргө алмаштырылсын;

бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы экинчи абзац менен толуктalсын:

«Жарандарды жумушсуз же жумуш издөөчү катары каттоо тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.»;

б) 2-бөлүгүндө «алардын туруктуу жашаган жери» деген сөздөр «жашаган жери же болбосо турган жери» деген сөздөргө алмаштырылсын;

3) 9-беренесинин 1-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы 7-пункт менен толуктalсын:

«7) каза болгондо.»;

4) 13-бereneнин 1-бөлүгүнүн 5-пунктунда «туруктуу жашаган жерин» деген сөздөр «жашаган жерин же болбосо турган жерин» деген сөздөргө алмаштырылсын.

2-берене

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү алты айлык мөөнөттө өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С. ЖЭЭНБЕКОВ**

Бишкек ш., 2020-жылдын 15-апрели, №43

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О СОДЕЙСТВИИ ЗАНЯТОСТИ НАСЕЛЕНИЯ»

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 4 марта 2020 года

Статья 1

Внести в Закон Кыргызской Республики «О содействии занятости населения» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2015 г., №7, ст. 1017) следующие изменения:

1) пункт 10 статьи 2 после слов «от места жительства» дополнить словами «либо от места пребывания»;

2) в статье 5:

а) в части 1:

в абзаце первом слова «их постоянного жительства» заменить словами «жительства либо по месту пребывания»;

часть дополнить абзацем вторым следующего содержания:

«Порядок регистрации граждан в качестве безработных или ищущих работу определяется Правительством Кыргызской Республики.»;

б) в части 2 слова «их постоянного жительства» заменить словами «жительства либо по месту пребывания»;

3) часть 1 статьи 9 дополнить пунктом 7 следующего содержания:

«7) смерти.»;

4) в пункте 5 части 1 статьи 13 слова «постоянного места жительства» заменить словами «места жительства либо места пребывания».

Статья 2

Настоящий Закон вступает в силу по истечении десяти дней со дня официального опубликования.

Правительству Кыргызской Республики в шестимесячный срок привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.

Президент Кыргызской Республики **С. ЖЭЭНБЕКОВ**

г.Бишкек, 15 апреля 2020 года, №43

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА («КООПТУУ ЖҮКТӨРДҮ ТАШУУЧУНУН ЖАРАНДЫК ЖООПКЕРЧИЛИГИН МИЛДЕТТҮҮ КАМСЫЗДАНДЫРУУ ЖӨНҮНДӨ», «ТАШУУЧУНУН ЖҮРГҮНЧҮЛӨРДҮН АЛДЫНДАГЫ ЖАРАНДЫК ЖООПКЕРЧИЛИГИН МИЛДЕТТҮҮ КАМСЫЗДАНДЫРУУ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫНА) ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2020-жылдын 4-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-берене

«Кооптуу жүктөрдү ташуучунун жарандык жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2008-ж., №6/2, 652-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) преамбуладагы «үчүнчү жакка» деген сөздөр «жабырлануучуларга» деген сөзгө алмаштырылсын;

2) 3-беренеде:

а) он экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«**пайда табуучу** - жабырлануучу жана (же) өлгөн учурда жабырлануучу жеке жактын мураскору же болбосо юридикалык жак кайра уюштурулган учурда камсыздандыруу төлөмдөрүн алууга укугу бар анын мыйзамдуу укуктук мураскору болуп саналган жак;»;

б) берене төмөнкүдөй мазмундагы элүү сегизинчи абзац менен толукталсын:

«**жабырлануучу** - Кыргыз Республикасынын аймагында жөнөтүүчүдөн алуучуга кооптуу жүктү жеткирүү процессинде кооптуу жүк менен болгон инциденттин натыйжасында өмүрүнө, ден соолугуна жана (же) мүлкүнө зыян келтирилген (жеке же юридикалык) жак.»;

3) 4-беренедеги «үчүнчү жактын» деген сөздөр «жабырлануучунун» деген сөзгө алмаштырылсын;

4) 8-беренеде:

а) 1-бөлүгүндө «үчүнчү жактар» деген сөздөр «жабырлануучулар» деген сөзгө алмаштырылсын;

б) 4-бөлүгүндө «Үчүнчү жактар» деген сөздөр «Жабырлануучулар» деген сөзгө алмаштырылсын;

5) 10-беренеде:

а) 2-бөлүгүндө «үчүнчү жактарга» деген сөздөр «жабырлануучуларга» деген сөзгө алмаштырылсын;

б) 3-бөлүгүнүн үчүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Камсыздандыруучу ушул Мыйзамда каралган зарыл документтерди берген, милдеттүү камсыздандыруу келишимин түзүү үчүн кайрылган кандай гана ташуучу болбосун келишимди түзүүдөн баш тартууга укуксуз.»;

в) бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы төртүнчү абзац менен толукталсын:

«Милдеттүү камсыздандыруу келишими ачык келишим болуп саналат.»;

6) Мыйзам төмөнкүдөй мазмундагы 10^1-берене менен толукталсын:

«10^1-берене. Милдеттүү камсыздандыруу эрежелери

1. Тараптардын ушул Мыйзамда аныкталган милдеттүү камсыздандыруу келишими боюнча укуктарын жана милдеттерин ишке ашыруу тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү милдеттүү камсыздандыруу эрежелеринде белгиленет.

2. Милдеттүү камсыздандыруу эрежелери башка жоболор менен бирге төмөнкү жоболорду камтыйт:

1) милдеттүү камсыздандыруу келишимин түзүү, өзгертүү, узартуу, бузуу, токтотуу тартибин;

2) милдеттүү камсыздандыруу келишимин түзүү үчүн зарыл документтердин тизмегин;

3) камсыздандыруу сый акыларын төлөө тартибин;

4) милдеттүү камсыздандырууну жүзөгө ашырууда, анын ичинде камсыздандыруу окуясы болгондо адамдардын аракеттеринин тизмегин;

5) камсыздандыруу төлөмдөрүн төлөө жөнүндө талаптарды коюу тартибин жана аны төлөө, ошондой эле бир нече пайда табуучунун ортосунда камсыздандыруу төлөмдөрүн бөлүштүрүү тартибин;

6) жабырлануучунун өмүрүнө зыян келтирилген учурда камсыздандыруу төлөмдөрүн алууга укугу бар адамдардын тизмегин;

7) милдеттүү камсыздандыруу боюнча талаштарды чечүү тартибин.»;

7) 11-беренеде:

а) 1-бөлүгүнүн 5-пунктунда «үчүнчү жактын» деген сөздөр «жабырлануучунун» деген сөзгө алмаштырылсын;

б) 2-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы 9-пункт менен толукталсын:

«9) кооптуу жүктү ташууга чейин камсыздандыруу келишимин түзүүгө.»;

8) 12-бөлүгүнүн 1-пунктунда «үчүнчү жактардын» деген сөздөр «жабырлануучулардын» деген сөзгө алмаштырылсын;

9) 13-беренеде:

а) бөлүгүнүн аталышында «Үчүнчү жактын» деген сөздөр «Жабырлануучунун» деген сөзгө алмаштырылсын;

б) 1 жана 2-бөлүктөрүндө «Үчүнчү жактар», «үчүнчү жактардын» деген сөздөр тиешелүүлүгүнө жараша «Жабырлануучулар», «жабырлануучулардын» деген сөздөргө алмаштырылсын;

10) 15-беренеде:

а) 1-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Жабырлануучунун өмүрүнө жана ден соолугуна зыян келтирилгени үчүн камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипте, жабырлануучунун ден соолугуна келтирилген зыяндын мүнөзүнө жана оордугуна жараша ченемдерге ылайык аныкталат.»;

б) 5 жана 7-бөлүктөрүндө «үчүнчү жакка» жана «үчүнчү жактарга» деген сөздөр тиешелүүлүгүнө жараша «жабырлануучуга» жана «жабырлануучуларга» деген сөздөргө алмаштырылсын;

11) 16-бөлүгүнүн биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«1. Камсыздандыруу төлөмдөрүн төлөп берүү тууралуу талап камсыздандырылуучу же болбосо пайда табуучу тарабынан жазуу жүзүндө, документтерди тиркөө менен камсыздандыруучуга берилет, документтердин толук тизмеги жана жолжоболоштуруу тартиби Милдеттүү камсыздандыруу эрежелеринде аныкталат, анын ичинде:»;

12) 18-бөлүгүнүн 3-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы 3^1-пункт менен толукталсын:

«3^1) камсыздандыруучу башка негиздер боюнча камсыздандыруу төлөмдөрүн төлөп берүүдөн баш тартууга укуксуз.»;

13) 20-беренеде:

а) «үчүнчү жактардын» деген сөздөр «жабырлануучулардын» деген сөзгө алмаштырылсын;

б) «сот тартибинде» деген сөздөр «тартипте» деген сөзгө алмаштырылсын.

2-берене

«Ташуучунун жүргүнчүлөрдүн алдындагы жарандык жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2008-ж., №6/2, 653-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 1-беренеде:

а) он экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«**пайда табуучу** - жабырлануучу жана (же) өлгөн учурда жабырлануучу жеке жактын мураскору же болбосо юридикалык жак кайра уюштурулган учурда камсыздандыруу төлөмдөрүн алууга укугу бар анын мыйзамдуу укуктук мураскору болуп саналган жак;»;

б) жыйырманчы абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«**жабырлануучу** - ташууда өмүрүнө, ден соолугуна, мүлкүнө залал келтирилген жүргүнчү. Жүргүнчү менен бирге жүргөн балдар, ташууда алардын өмүрүнө жана (же) ден соолугуна залал келтирилсе, алар дагы жүргүнчү деп таанылган-таанылбаганына карабастан, ошондой эле жабырлануучу деп таанылат;»;

2) 7-берененин 3-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«3. Жүргүнчүлөрдү ташууну жүзөгө ашыруучу транспорт каражатын башкарган адам ташуучунун жүргүнчүлөрдүн алдындагы жоопкерчилигин милдеттүү камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу полисин жанында алып жүрүүгө жана аны жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган мамлекеттик органдардын кызмат адамдарына текшерүү үчүн көрсөтүүгө милдеттүү.»;

3) 9-беренеде:

а) 3-бөлүгүнүн үчүнчү абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Камсыздандыруучу ушул Мыйзамда каралган зарыл документтерди берген, милдеттүү камсыздандыруу келишимин түзүү үчүн кайрылган кандай гана ташуучу болбосун мындай келишимди түзүүдөн баш тартууга укуксуз.»;

б) бөлүк төмөнкүдөй мазмундагы бешинчи абзац менен толукталсын:

«Милдеттүү камсыздандыруу келишими ачык келишим болуп саналат.»;

4) Мыйзам төмөнкүдөй мазмундагы 9^1-берене менен толукталсын:

«9^1-берене. Милдеттүү камсыздандыруу эрежелери

1. Тараптардын ушул Мыйзамда аныкталган милдеттүү камсыздандыруу келишими боюнча укуктарын жана милдеттерин ишке ашыруу тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген милдеттүү камсыздандыруу эрежелеринде белгиленет.

2. Милдеттүү камсыздандыруу эрежелери башка жоболор менен бирге төмөнкү жоболорду камтыйт:

1) милдеттүү камсыздандыруу келишимин түзүү, өзгертүү, узартуу, бузуу, токтотуу тартибин;

2) милдеттүү камсыздандыруу келишимин түзүү үчүн зарыл документтердин тизмегин;

3) камсыздандыруу сый акыларын төлөө тартибин;

4) милдеттүү камсыздандырууну жүзөгө ашырууда, анын ичинде камсыздандыруу окуясы болгондо адамдардын аракеттеринин тизмегин;

5) камсыздандыруу төлөмдөрүн төлөө жөнүндө талаптарды коюу тартибин жана аны төлөө, ошондой эле бир нече пайда табуучунун ортосунда камсыздандыруу төлөмдөрүн бөлүштүрүү тартибин;

6) жабырлануучунун өмүрүнө зыян келтирилген учурда камсыздандыруу төлөмүн алууга укугу бар адамдардын тизмегин;

7) милдеттүү камсыздандыруу боюнча талаштарды чечүү тартибин.»;

5) 12-берененин 2-бөлүгү төмөнкүдөй мазмундагы 8-пункт менен толукталсын:

«8) жүргүнчүлөрдү ташууга чейин камсыздандыруу келишимин түзүүгө.»;

6) 17-берененин 3-бөлүгүнүн экинчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«Жабырлануучунун өмүрүнө жана ден соолугуна зыян келтирилгени үчүн камсыздандыруу төлөмүнүн өлчөмү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгилеген тартипте, жабырлануучунун ден соолугуна келтирилген зыяндын мүнөзүнө жана оордугуна жараша ченемдерге ылайык аныкталат.».

3-берене

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып алты ай өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖЭЭНБЕКОВ**

Бишкек ш., 2020-жылдын 18-апрели, №45

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БАТКЕН, ЖАЛАЛ-АБАД, НАРЫН ЖАНА ОШ ОБЛАСТТАРЫНЫН АЙРЫМ КАЛКТУУ КОНУШТАРЫН АЙЫЛ КАТЕГОРИЯСЫНА КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2020-жылдын 11-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-берене

Кыргыз Республикасынын Баткен областынын Кадамжай районундагы Бирлик айыл аймагынын Ынтымак калктуу конушу айыл категориясына киргизилсин жана ал Кыргыз Республикасынын Баткен областынын Кадамжай районундагы Бирлик айыл аймагынын Ынтымак айылы деп аталсын.

2-берене

Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад областынын Токтогул районундагы Үч-Терек айыл аймагынын Такталык калктуу конушу айыл категориясына киргизилсин жана ал Кыргыз Республикасынын Жалал-Абад областынын Токтогул районундагы Үч-Терек айыл аймагынын Такталык айылы деп аталсын.

3-берене

Кыргыз Республикасынын Нарын областынын Жумгал районундагы Чаек айыл аймагынын Чукур-Аксеки калктуу конушу айыл категориясына киргизилсин жана ал Кыргыз Республикасынын Нарын областынын Жумгал районундагы Чаек айыл аймагынын Чукур-Аксеки айылы деп аталсын.

4-берене

Кыргыз Республикасынын Нарын областынын Жумгал районундагы Чаек айыл аймагынын Шортон калктуу конушу айыл категориясына киргизилсин жана ал Кыргыз Республикасынын Нарын областынын Жумгал районундагы Чаек айыл аймагынын Шортон айылы деп аталсын.

5-берене

Кыргыз Республикасынын Ош областынын Кара-Суу районундагы Катта-Талдык айыл аймагынын Торгой-Булак калктуу конушу айыл категориясына киргизилсин жана ал Кыргыз Республикасынын Ош областынын Кара-Суу районундагы Катта-Талдык айыл аймагынын Торгой-Булак айылы деп аталсын.

6-берене

Кыргыз Республикасынын Ош областынын Кара-Суу районундагы Төлөйкөн айыл аймагынын Бодур-Таш калктуу конушу айыл категориясына киргизилсин жана ал Кыргыз Республикасынын Ош областынын Кара-Суу районундагы Төлөйкөн айыл аймагынын Бодур-Таш айылы деп аталсын.

7-берене

Кыргыз Республикасынын Ош областынын Кара-Суу районундагы Төлөйкөн айыл аймагынын Жапалак калктуу конушу айыл категориясына киргизилсин жана ал Кыргыз Республикасынын Ош областынын Кара-Суу районундагы Төлөйкөн айыл аймагынын Жапалак айылы деп аталсын.

8-берене

Кыргыз Республикасынын Ош областынын Ноокат районундагы Исанов айыл аймагынын Кичик-Алай калктуу конушу айыл категориясына киргизилсин жана ал Кыргыз Республикасынын Ош областынын Ноокат районундагы Исанов айыл аймаганын Кичик-Алай айылы деп аталсын.

9-берене

Кыргыз Республикасынын Ош областынын Ноокат районундагы Кеңеш айыл аймагынын Байыш калктуу конушу айыл категориясына киргизилсин жана ал Кыргыз Республикасынын Ош областынын Ноокат районундагы Кенеш айыл аймагынын Байыш айылы деп аталсын.

10-берене

Кыргыз Республикасынын Ош областынын Ноокат районундагы Кеңеш айыл аймагынын Батуу калктуу конушу айыл категориясына киргизилсин жана ал Кыргыз Республикасынын Ош областынын Ноокат районундагы Кеңеш айыл аймагынын Батуу айылы деп аталсын.

11-берене

Кыргыз Республикасынын Ош областынын Ноокат районундагы Кеңеш айыл аймагынын Дары-Булак калктуу конушу айыл категориясына киргизилсин жана ал Кыргыз Республикасынын Ош областынын Ноокат районундагы Кеңеш айыл аймагынын Дары-Булак айылы деп аталсын.

12-берене

Кыргыз Республикасынын Ош областынын Ноокат районундагы Кулатов айыл аймагынын Абшыр-Ата калктуу конушу айыл категориясына киргизилсин жана ал Кыргыз Республикасынын Ош областынын Ноокат районундагы Кулатов айыл аймагынын Абшыр-Ата айылы деп аталсын.

13-берене

Кыргыз Республикасынын Ош областынын Ноокат районундагы Кулатов айыл аймагынын Арык-Тейит калктуу конушу айыл категориясына киргизилсин жана ал Кыргыз Республикасынын Ош областынын Ноокат районундагы Кулатов айыл аймагынын Арык-Тейит айылы деп аталсын.

14-берене

Кыргыз Республикасынын Ош областынын Ноокат районундагы Кулатов айыл аймагынын Кулуштан калктуу конушу айыл категориясына киргизилсин жана ал Кыргыз Республикасынын Ош областынын Ноокат районундагы Кулатов айыл аймагынын Кулуштан айылы деп аталсын.

15-берене

Кыргыз Республикасынын Ош областынын Чоң-Алай районундагы Кашка-Суу айыл аймагынын Жайылма калктуу конушу айыл категориясына киргизилсин жана ал Кыргыз Республикасынын Ош областынын Чоң-Алай районундагы Кашка-Суу айыл аймагынын Жайылма айылы деп аталсын.

16-берене

Кыргыз Республикасынын Ош областынын Чоң-Алай районундагы Кашка-Суу айыл аймагынын Кичи-Жайылма калктуу конушу айыл категориясына киргизилсин жана ал Кыргыз Республикасынын Ош областынын Чоң-Алай районундагы Кашка-Суу айыл аймагынын Кичи-Жайылма айылы деп аталсын.

17-берене

Түзүлгөн Баткен областынын Кадамжай районундагы Бирлик айыл аймагынын Ынтымак, Жалал-Абад областынын Токтогул районундагы Үч-Терек айыл аймагынын Такталык, Нарын областынын Жумгал районундагы Чаек айыл аймагынын Чукур-Аксеки, Шортон, Ош областынын Кара-Суу районундагы Катта-Талдык айыл аймагынын Торгой-Булак, Төлөйкөн айыл аймагынын Бодур-Таш, Жапалак, Ноокат районундагы Исанов айыл аймагынын Кичик-Алай, Кеңеш айыл аймагынын Байыш, Батуу, Дары-Булак, Кулатов айыл аймагынын Абшыр-Ата, Арык-Тейит, Кулуштан, Чоң-Алай районундагы Кашка-Суу айыл аймагынын Жайылма жана Кичи-Жайылма айылдарынын схемалык карталары тиркемелерге ылайык бекитилсин.

18-берене

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖЭЭНБЕКОВ**

Бишкек ш., 2020-жылдын 21-апрели, №50

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (В ЗАКОНЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «ОБ ОБЯЗАТЕЛЬНОМ СТРАХОВАНИИ ГРАЖДАНСКОЙ ОТВЕТСТВЕННОСТИ ПЕРЕВОЗЧИКА ОПАСНЫХ ГРУЗОВ», «ОБ ОБЯЗАТЕЛЬНОМ СТРАХОВАНИИ ГРАЖДАНСКОЙ ОТВЕТСТВЕННОСТИ ПЕРЕВОЗЧИКА ПЕРЕД ПАССАЖИРАМИ»)»

Статья 1

Внести в Закон Кыргызской Республики «Об обязательном страховании гражданской ответственности перевозчика опасных грузов» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2008 г., №6/2, ст. 652) следующие изменения:

1) в преамбуле слова «третьим лицам» заменить словом «потерпевшим»;

2) в статье 3:

а) абзац двенадцатый изложить в следующей редакции:

«**выгодоприобретатель** - лицо, являющееся потерпевшим и (или) наследником потерпевшего - физического лица в случае его смерти либо законным правопреемником в случае реорганизации юридического лица, имеющее право на получение страхового возмещения;»;

б) статью дополнить абзацем пятьдесят восьмым следующего содержания:

«**потерпевший** - лицо (физическое или юридическое), жизни, здоровью и (или) имуществу которого причинен вред в результате инцидента с опасным грузом в процессе его доставки от отправителя к получателю на территории Кыргызской Республики.»;

3) в статье 4 слова «третьего лица» заменить словом «потерпевшего»;

4) в статье 8:

а) в части 1 слова «третьи лица» заменить словом «потерпевшие»;

б) в части 4 слова «Третьими лицами» заменить словом «Потерпевшими»;

5) в статье 10:

а) в части 2 слова «третьим лицам» заменить словом «потерпевшим»;

б) абзац третий части 3 изложить в следующей редакции:

«Страховщик не вправе отказать в заключении договора обязательного страхования любому обратившемуся за этим перевозчику, предоставившему необходимые документы, предусмотренные настоящим Законом.»;

в) часть дополнить абзацем четвертым следующего содержания:

«Договор обязательного страхования является публичным договором.»;

6) Закон дополнить статьей 10^1 следующего содержания:

«Статья 10^1. Правила обязательного страхования

Отнести населенный пункт Мончок-Добо Сумсарского айылного аймака Чаткальского района Джалал-Абадской области Кыргызской Республики к категории айыла (села) и именовать его айылом (селом) Мончок-Добо Сумсарского айылного аймака Чаткальского района Джалал-Абадской области Кыргызской Республики.

Статья 2

Отнести населенный пункт Шекафтар Сумсарского айылного аймака Чаткальского района Джалал-Абадской области Кыргызской Республики к категории айыла (села) и именовать его айылом (селом) Шекафтар Сумсарского айылного аймака Чаткальского района Джалал-Абадской области Кыргызской Республики.

Статья 3

Отнести населенный пункт Тамды-Суу Ортокского айылного аймака Нарынского района Нарынской области Кыргызской Республики к категории айыла (села) и именовать его айылом (селом) Тамды-Суу Ортокского айылного аймака Нарынского района Нарынской области Кыргызской Республики.

Статья 4

Отнести населенный пункт Беш-Кемпир Чалминского айылного аймака Кара-Кульджинского района Ошской области Кыргызской Республики к категории айыла (села) и именовать его айылом (селом) Беш-Кемпир Чалминского айылного аймака Кара-Кульджинского района Ошской области Кыргызской Республики.

Статья 5

Отнести населенный пункт Орто-Талаа Чалминского айылного аймака Кара-Кульджинского района Ошской области Кыргызской Республики к категории айыла (села) и именовать его айылом (селом) Орто-Талаа Чалминского айылного аймака Кара-Кульджинского района Ошской области Кыргызской Республики.

Статья 6

Отнести населенный пункт Дон-Кыштак Джаны-Ноокатского айылного аймака Ноокатского района Ошской области Кыргызской Республики к категории айыла (села) и именовать его айылом (селом) Дон-Кыштак Джаны-Ноокатского айылного аймака Ноокатского района Ошской области Кыргызской Республики.

Статья 7

Отнести населенный пункт Жандама Джаны-Ноокатского айылного аймака Ноокатского района Ошской области Кыргызской Республики к категории айыла (села) и именовать его айылом (селом) Жандама Джаны-Ноокатского айылного аймака Ноокатского района Ошской области Кыргызской Республики.

Статья 8

Отнести населенный пункт Катта-Тал Джаны-Ноокатского айылного аймака Ноокатского района Ошской области Кыргызской Республики к категории айыла (села) и именовать его айылом (селом) Катта-Тал Джаны-Ноокатского айылного аймака Ноокатского района Ошской области Кыргызской Республики.

Статья 9

Отнести населенный пункт Кунгой-Хасана Джаны-Ноокатского айылного аймака Ноокатского района Ошской области Кыргызской Республики к категории айыла (села) и именовать его айылом (селом) Кунгой-Хасана Джаны-Ноокатского айылного аймака Ноокатского района Ошской области Кыргызской Республики.

Статья 10

Отнести населенный пункт Мончок-Добо Джаны-Ноокатского айылного аймака Ноокатского района Ошской области Кыргызской Республики к категории айыла (села) и именовать его айылом (селом) Мончок-Добо Джаны-Ноокатского айылного аймака Ноокатского района Ошской области Кыргызской Республики.

Статья 11

Отнести населенный пункт Тескей Джаны-Ноокатского айылного аймака Ноокатского района Ошской области Кыргызской Республики к категории айыла (села) и именовать его айылом (селом) Тескей Джаны-Ноокатского айылного аймака Ноокатского района Ошской области Кыргызской Республики.

Статья 12

Отнести населенный пункт Бек-Тоо Кара-Джыгачского айылного аймака Аламудунского района Чуйской области Кыргызской Республики к категории айыла (села) и именовать его айылом (селом) Бек-Тоо Кара-Джыгачского айылного аймака Аламудунского района Чуйской области Кыргызской Республики.

Статья 13

Утвердить схематические карты образованных айылов (сел) Мончок-Добо, Шекафтар Сумсарского айылного аймака Чаткальского района Джалал-Абадской области, Тамды-Суу Ортокского айылного аймака Нарынского района Нарынской области, Беш-Кемпир, Орто-Талаа Чалминского айылного аймака Кара-Кульджинского района, Дон-Кыштак, Жандама, Катта-Тал, Кунгой-Хасана, Мончок-Добо, Тескей Джаны-Ноокатского айылного аймака Ноокатского района Ошской области, Бек-Тоо Кара-Джыгачского айылного аймака Аламудунского района Чуйской области Кыргызской Республики согласно приложениям.

Статья 14

Настоящий Закон вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

Президент Кыргызской Республики **С.ЖЭЭНБЕКОВ**

г.Бишкек, 21 апреля 2020 года, №49

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА («КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ, БАНКТАР ЖАНА БАНК ИШТЕРИ ЖӨНҮНДӨ», «ИННОВАЦИЯЛЫК ИШ ЖӨНҮНДӨ», «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЛИЦЕНЗИЯЛЫК-УРУКСАТ БЕРҮҮ ТУТУМУ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫНА) ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

2020-жылдын 1-апрелинде Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

1-берене

«Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2016-ж., №11, 1183-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 17-береденин 7-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«7) ушул Мыйзамга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, анын ичинде атайын жөнгө салуу режимдеринин алкагында уруксат берүүчү документтерди берүүнү жүзөгө ашырат;»;

2) Мыйзам төмөнкүдөй мазмундагы 11^1-глава менен толукталсын:

«11^1-глава. Атайын жөнгө салуу режимдери

53^1-берене. Атайын жөнгө салуу режимдеринин алкагында убактылуу жөнгө салуу

1. Инновациялык кызмат көрсөтүүлөрдү/технологияларды киргизүү менен байланышкан банктык, төлөм кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө коомдук мамилелерди укуктук жөнгө салууну апробациялоо максатында, Улуттук банк белгилүү бир мөөнөткө Кыргыз Республикасынын айрым же бүткүл аймагында атайын жөнгө салуу режиминин алкагында пилоттук жөнгө салууну белгилөөгө укуктуу.

Ушул Мыйзамдын максаттарында банктык жана төлөм кызмат көрсөтүүлөр рыногуна инновациялык кызмат көрсөтүүлөр-

(Уландысы 11-бетте)

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (В ЗАКОНЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О НАЦИОНАЛЬНОМ БАНКЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ, БАНКАХ И БАНКОВСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ», «ОБ ИННОВАЦИОННОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ», «О ЛИЦЕНЗИОННО-РАЗРЕШИТЕЛЬНОЙ СИСТЕМЕ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ»)

Принят Жогорку Кенешем Кыргызской Республики 1 апреля 2020 года

Статья 1

Внести в Закон Кыргызской Республики «О Национальном банке Кыргызской Республики, банках и банковской деятельности» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2016 г., №11, ст. 1183) следующие изменения:

1) пункт 7 статьи 17 изложить в следующей редакции:

«7) осуществляет выдачу разрешительных документов, в том числе в рамках специальных регулятивных режимов, в соответствии с настоящим Законом и законами Кыргызской Республики;»;

2) Закон дополнить главой 11^1 следующего содержания:

«Глава 11^1. Специальные регулятивные режимы

Статья 53^1. Временное регулирование в рамках специальных регулятивных режимов

1. В целях апробирования правового регулирования общественных отношений в сфере предоставления банковских, платежных услуг, связанных с внедрением инновационных услуг/технологий, Национальный банк вправе устанавливать на определенный срок на отдельной или на всей территории Кыргызской Республики пилотное регулирование в рамках специального регулятивного режима.

В целях настоящего Закона под специальным регулятивным режимом понимается совокупность правил, которые позволяют участникам, занимающимся внедрением инновационных услуг/технологий на рын-

(Продолжение на 11-ой стр.)

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АЙРЫМ МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫНА («КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ, БАНКТАР ЖАНА БАНК ИШТЕРИ ЖӨНҮНДӨ», «ИННОВАЦИЯЛЫК ИШ ЖӨНҮНДӨ», «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЛИЦЕНЗИЯЛЫК-УРУКСАТ БЕРҮҮ ТУТУМУ ЖӨНҮНДӨ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫНА) ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

(Башталышы 10-бетте)

дү/технологияларды киргизүү менен алектенген катышуучуларга аларды чектелген (аймагы, убактысы, операциялар менен пайдалануучулардын саны жана көлөмү жана башкалар боюнча) контролдонуучу чөйрөдө апробациялоого мүмкүндүк берген эрежелердин жыйындысы атайын жөнгө салуу режими деп түшүнүлөт.

Атайын жөнгө салуу режиминин алкагында инновациялык кызмат көрсөтүүлөрдү/технологияларды киргизүү боюнча пилоттук жөнгө салууну киргизүүнүн жана аны ишке ашырууга мониторинг жүргүзүүнүн тартиби Улуттук банк тарабынан аныкталат.

2. Улуттук банк атайын жөнгө салуу режимине катышуучу банктардын, банктык эмес финансынасыя уюмдарынын жана башка юридикалык жактардын ишине карата талаптарды белгилейт.

3. Атайын жөнгө салуу режиминин алкагында атайын жөнгө салуу режимдерине катышууга айрым юридикалык жактарга кыйла пайдалуу шарттарды камсыз кылган преференцияларды берүүгө жол берилбейт.

4. Атайын жөнгө салуу режиминин алкагында инновациялык кызмат көрсөтүүлөрдү/технологияларды апробациялоонун натыйжалары боюнча Улуттук банк тарабынан тиешелүү ченемдик укуктук акт кабыл алынышы же болбосо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына тиешелүү өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү сунушталышы мүмкүн.

53^2-берене. Атайын жөнгө салуу режимине катышуу үчүн лицензиялар

1. Улуттук банк атайын жөнгө салуу режиминин катышуучуларына ушул Мыйзамдын 111 -беренесинин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн банк операцияларынын чектелген тизмегин жүргүзүү укугуна лицензияны атайын жөнгө салуу режиминин алкагында аны ишке ашыруу үчүн зарыл болгон иштин максаттарына жана түрлөрүнө ылайык берет.

2. Атайын жөнгө салуу режиминин алкагында банк операцияларынын чектелген

тизмегин жүргүзүү укугуна лицензия контролдонуучу чөйрөнүн шарттарына жараша банк операцияларынын тизмеги боюнча, аймагы боюнча чектөөлөрдү жана атайын жөнгө салуу режиминин алкагында башка чектөөлөрдү карайт, чектелген колдонуу мөөнөтүнө ээ, жеке энчилүү (ээликтен ажыратылгыс) болуп саналат жана үчүнчү жактарга өткөрүп берүүгө жатпайт.

3. Атайын жөнгө салуу режиминин алкагында лицензияларды берүү, токтото туруу, чакыртып алуу жана колдонууну токтотуу тартиби Улуттук банктын ченемдик укуктук актылары менен белгиленет.».

2-берене

«Инновациялык иш жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2000-ж., № 4, 168-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

преамбула төмөнкүдөй мазмундагы абзац менен толукталсын:

«Атайын жөнгө салуу режиминин алкагында банктык жана төлөм кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө укуктук мамилелердин жана инновациялык кызмат көрсөтүүлөрдү/технологияларды апробациялоо шарттарынын өзгөчөлүктөрү «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен жөнгө салынат.».

3-берене

«Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2013-ж., №9, 1030-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) 9-беренеде:

а) 1-пунктунун «б» пунктчасы «каралган уруксаттарга карата» деген сөздөрдөн кийин «, ошондой эле атайын жөнгө салуу режимдеринин алкагында «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Улуттук банк тарабынан берилүүчү лицензияларга карата» деген сөздөр менен толукталсын;

б) 2-пунктунун «б» пунктчасы «лицензияларына гана,» деген сөздөрдөн кийин «атайын жөнгө салуу режимдеринин алкагында «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Улуттук банк тарабынан берилүүчү лицензияларга карата,» деген сөздөр менен толукталсын;

2) 25-берененин 2-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«2. Убактылуу лицензияларды узартуунун негиздери жана тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген Иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө жобо, ал эми атайын жөнгө салуу режимдеринин алкагында «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, банктар жана банк иштери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Улуттук банк тарабынан берилген лицензияларга карата - Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актылары менен белгиленет.».

4-берене

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

Кыргыз Республикасынын Президенти **С.ЖЭЭНБЕКОВ**

Бишкек ш., 2020-жылдын 22-апрели, №51

ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

О ВНЕСЕНИИ ИЗМЕНЕНИЙ В НЕКОТОРЫЕ ЗАКОНОДАТЕЛЬНЫЕ АКТЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ (В ЗАКОНЫ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ «О НАЦИОНАЛЬНОМ БАНКЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ, БАНКАХ И БАНКОВСКОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ», «ОБ ИННОВАЦИОННОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ», «О ЛИЦЕНЗИОННО-РАЗРЕШИТЕЛЬНОЙ СИСТЕМЕ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ»)

(Начало на 10-ой стр.)

ке банковских и платежных услуг, апробировать их в ограниченной контролируемой среде (по территории, во времени, по количеству и объему операций и пользователей и иное).

Порядок введения пилотного регулирования по внедрению инновационных услуг/технологий в рамках специального регулятивного режима и проведения мониторинга его реализации определяется Национальным банком.

2. Национальный банк устанавливает требования к деятельности банков, небанковских финансово-кредитных организаций и других юридических лиц, участвующих в специальном регулятивном режиме.

3. В рамках специального регулятивного режима не допускается предоставление преференций отдельным юридическим лицам, которые обеспечивают им более выгодные условия участия в специальных регулятивных режимах.

4. По результатам апробирования инновационных услуг/технологий в рамках специального регулятивного режима Национальным банком может быть принят соответствующий нормативный правовой акт либо предложены соответствующие изменения и дополнения в законодательство Кыргызской Республики.

Статья 53^2. Лицензии для участия в специальном регулятивном режиме

1. Национальный банк выдает участникам специального регулятивного режима лицензию на право проведения ограниченного перечня банковских операций, указанных в части 1 статьи 111 настоящего Закона, в рамках специального регулятивного режима в соответствии с целями и видами деятельности, необходимыми для его реализации.

2. Лицензия на право проведения ограниченного перечня банковских операций в рамках специального регулятивного режима предусматривает, в зависимости от условий контролируемой среды, ограничения по перечню банковских операций, по территории и другие ограничения в рамках специального регулятивного режима, имеет ограниченный срок действия, является именной (неотчуждаемой) и не подлежит передаче третьим лицам.

3. Порядок выдачи, приостановления, отзыва и прекращения действия лицензий в рамках специального регулятивного режима устанавливается нормативными правовыми актами Национального банка.».

Статья 2

Внести в Закон Кыргызской Республики «Об инновационной деятельности» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2000 г., № 4, ст. 168) следующее изменение:

преамбулу дополнить абзацем следующего содержания:

«Особенности правоотношений и условий апробирования инновационных услуг/технологий в сфере предоставления банковских, платежных услуг в рамках специальных регулятивных режимов регулируются Законом Кыргызской Республики «О Национальном банке Кыргызской Республики, банках и банковской деятельности.».

Статья 3

Внести в Закон Кыргызской Республики «О лицензионно-разрешительной системе в Кыргызской Республике» (Ведомости Жогорку Кенеша Кыргызской Республики, 2013 г., № 9, ст. 990) следующие изменения:

1) в статье 9:

а) подпункт «б» пункта 1 после слов «настоящего Закона» дополнить словами «, а также в отношении лицензий, выдаваемых Национальным банком в рамках специальных регулятивных режимов в соответствии с Законом Кыргызской Республики «О Национальном банке Кыргызской Республики, банках и банковской деятельности»;

б) подпункт «б» пункта 2 после слов «государственных ресурсов,» дополнить словами «в отношении лицензий, выдаваемых Национальным банком в рамках специальных регулятивных режимов в соответствии с Законом Кыргызской Республики «О Национальном банке Кыргызской Республики, банках и банковской деятельности»;

2) часть 2 статьи 25 изложить в следующей редакции:

«2. Основания и порядок продления временных лицензий устанавливаются Положением о лицензировании отдельных видов деятельности, утверждаемым Правительством Кыргызской Республики, а в отношении лицензий, выдаваемых Национальным банком в рамках специальных регулятивных режимов в соответствии с Законом Кыргызской Республики «О Национальном банке Кыргызской Республики, банках и банковской деятельности» - нормативными правовыми актами Национального банка Кыргызской Республики.».

Статья 4

Настоящий Закон вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

Национальному банку Кыргызской Республики привести свои нормативные правовые акты в соответствие с настоящим Законом.

Президент Кыргызской Республики **С.ЖЭЭНБЕКОВ**

г.Бишкек, 22 апреля 2020 года, №51

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КООМДУК САЛАМАТТЫК САКТОО ТАРМАГЫНДА ЧЕКТӨӨЧҮ/ КАРАНТИНДИК ЧАРАЛАРДЫ КИРГИЗҮҮНҮН ЖАНА ИШКЕ АШЫРУУНУН ТАРТИБИН БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Карантиндик жана өзгөчө кооптуу оорулардын очокторунун жайылышын алдын алуу, чектөө жана жок кылуу боюнча ыкчам чараларды иштеп чыгуу жана иш жүргүзүү, Кыргыз Республикасынын калкынын санитардык-эпидемиологиялык бейгамчылыгын камсыздоо, "Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 21-беренесин аткаруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын коомдук саламаттык сактоо тармагында чектөөчү/карантиндик чараларды киргизүүнүн жана ишке ашыруунун тартиби тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Ушул токтом расмий жарыялanууга тийиш жана 2020-жылдын 22-мартынан тартып күчүнө кирет.

Премьер-министр **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 9-апрели, №197

"2019-ЖЫЛДЫН 25-ДЕКАБРЫНДА БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН АЗИЯ ӨНҮКТҮРҮҮ БАНКЫНЫН ОРТОСУНДАГЫ КАРЖЫЛОО МЕХАНИЗМИ (АТАЙЫН ОПЕРАЦИЯЛАР) ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ РАТИФИКАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНЫН ДОЛБООРУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 79-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 68-беренесине, "Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө'" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесине ылайык, мамлекет ичиндеги жол-жоболорду аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Төмөнкү тиркелгендер бекитилсин:

- "2019-жылдын 25-декабрында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Азия өнүктүрүү банкынын ортосундагы Каржылоо механизми (Атайын операциялар) жөнүндө макулдашууну ратификациялоо тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору;

- 2019-жылдын 25-декабрында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Азия өнүктүрүү банкынын ортосундагы Каржылоо механизми (Атайын операциялар) жөнүндө макулдашууга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн корутундусу.

2. Аталган мыйзамдын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилсин.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Суу ресурстары мамлекеттик агенттигинин директору ушул мыйзамдын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде каралганда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн расмий өкүлү болуп дайындалсын.

Премьер-министр **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

Бишкек шаары, 2020-кылдын 10-апрели, №199

"КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛЫК КОДЕКСИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНЫН ДОЛБООРУ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республиканын Конституциясынын 79-беренесине ылайык Кыргыз Республиканын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. "Кыргыз Республикасынын Салык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору жактырылсын.

2. Аталган мыйзамдын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилсин.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматынын төрагасы аталган мыйзамдын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде каралганда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн расмий өкүлү болуп дайындалсын.

Премьер-министр **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 12-апрели, №202

"2019-ЖЫЛДЫН 25-ДЕКАБРЫНДА БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН АЗИЯ ӨНҮКТҮРҮҮ БАНКЫНЫН ОРТОСУНДАГЫ КРЕДИТТИК МАКУЛДАШУУНУ (НАРЫН ОБЛУСУНДА АЙЫЛДАРДЫ СУУ МЕНЕН КАМСЫЗДООНУ ЖАНА САНИТАРИЯНЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАСЫ) ЖАНА 2019-ЖЫЛДЫН 25-ДЕКАБРЫНДА БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН АЗИЯ ӨНҮКТҮРҮҮ БАНКЫНЫН ОРТОСУНДАГЫ ГРАНТТЫК МАКУЛДАШУУНУ (НАРЫН ОБЛУСУНДА АЙЫЛДАРДЫ СУУ МЕНЕН КАМСЫЗДООНУ ЖАНА САНИТАРИЯНЫ ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАСЫ) РАТИФИКАЦИЯЛОО ЖӨНҮНДӨ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНЫН ДОЛБООРУ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 79-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Регламенти жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 68-беренесине, "Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, мамлекеттик ички жол-жоболорду аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Төмөнкү тиркелгендер жактырылсын:

- "2019-жылдын 25-декабрында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Азия өнүктүрүү банкынын ортосундагы Кредиттик макулдашууну (Нарын облусунда айылдарды суу менен камсыздоону жана санитарияны өнүктүрүү программасы) жана 2019-жылдын 25-декабрында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Азия өнүктүрүү банкынын ортосундагы Гранттык макулдашууну (Нарын облусунда айылдарды суу менен камсыздоону жана санитарияны өнүктүрүү программасы) ратификациялоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору;
- 2019-жылдын 25-декабрында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Азия өнүктүрүү банкынын ортосундагы Кредиттик макулдашууга (Нарын облусунда айылдарды суу менен камсыздоону жана санитарияны өнүктүрүү программасы) жана 2019-жылдын 25-декабрында Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Азия өнүктүрүү банкынын ортосундагы Гранттык макулдашууга (Нарын облусунда айылдарды суу менен камсыздоону жана санитарияны өнүктүрүү программасы) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн корутундусу.

2. Аталган мыйзамдын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилсин.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Суу ресурстары мамлекеттик агенттигинин директору аталган мыйзамдын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде каралганда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн расмий өкүлү болуп дайындалсын.

Премьер-министр **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 10-апрели, №200

«2020-ЖЫЛДЫН 7-АПРЕЛИНДЕ БИШКЕК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ МЕНЕН ЭЛ АРАЛЫК ӨНҮКТҮРҮҮ АССОЦИАЦИЯСЫНЫН ОРТОСУНДАГЫ КАРЖЫЛОО ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУНУ (COVID-19 БОЮНЧА ШАШЫЛЫШ ДОЛБООР) РАТИФИКАЦИЯЛОО ТУУРАЛУУ» КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНЫН ДОЛБООРУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Мамлекеттик ички жол-жоболорду аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 79-беренесине жана 80-беренесинин 2-бөлүгүнө, «Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Төмөнкү тиркелгендер жактырылсын:

- «2020-жылдын 7-апрелинде Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын ортосундагы Каржылоо жөнүндө макулдашууну (COVID-19 боюнча шашылыш долбоор) ратификациялоо тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору;
- 2020-жылдын 7-апрелинде Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын ортосундагы Каржылоо жөнүндө макулдашууга (COVID-19 боюнча шашылыш долбоор) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн корутундусу.

2. Аталган мыйзамдын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилсин.

3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен аталган мыйзамдын долбоорун кечиктирилгис катары кезексиз тартипте кароо суралсын.

4. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министри аталган мыйзамдын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде каралганда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн расмий өкүлү болуп дайындалсын.

Премьер-министр **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 10-апрели, №201

"МАМЛЕКЕТТИК САТЫП АЛУУЛАР ЖӨНҮНДӨ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ" КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫНЫН ДОЛБООРУ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 79-беренесине жана 80-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору жактырылсын.

2. Аталган мыйзамдын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин кароосуна киргизилсин.

3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинен аталган мыйзамдын долбоорун кечиктирилгис катары кезексиз тартипте кароо суралсын.

4. Кыргыз Республикасынын Финансы министри аталган мыйзамдын долбоору Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде каралганда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн расмий өкүлү болуп дайындалсын.

Премьер-министр **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 13-апрели, №203

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2017-ЖЫЛДЫН 14-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №570 «БААЛУУ МЕТАЛЛДАРДЫ КАМТЫГАН СЫРЬЁЛУК ТОВАРЛАР МЕНЕН ОПЕРАЦИЯЛАРДЫ ЖҮРГҮЗҮҮНҮН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Жер казынасын пайдалануунун өткөөл мезгилин белгилөө жана үзгүлтүксүз өндүрүштүк процессин камсыздоо, ошондой эле ички жоболорду шайкеш келтирүү максатында, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 14-сентябрындагы №570 «Баалуу металлдарды камтыган сырьёлук товарлар менен операцияларды жүргүзүүнүн айрым маселелери жөнүндө» - токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) төмөнкүдөй мазмундагы 1^1-пункт менен толуктасын:

«1^1. Жогоруда аталган токтом менен бекитилген Баалуу металлдарды жана кошо иргелип алынуучу металлдарды камтыган руданы, концентраттарды жана калдыктарды Кыргыз Республикасынын аймагынан ташып чыгаруунун жана Кыргыз Республикасынын аймагына ташып киргизүүнүн тартибинин 4-пунктунун төртүнчү абзацы жана 13-пунктунун биринчи абзацы менен каралган инспекциялык компанияга карата ISO/IEC 17020 стандарты боюнча аккредитациялоо талаптары 2020-жылдын 1-сентябрынан тартып колдонулат.»;

2) жогоруда аталган токтом менен бекитилген Баалуу металлдарды жана кошо иргелип алынуучу металлдарды камтыган руданы, концентраттарды жана калдыктарды Кыргыз Республикасынын аймагынан ташып чыгаруунун жана Кыргыз Республикасынын аймагына ташып киргизүүнүн тартибинде:

- 4-пунктунун төртүнчү абзацындагы «Инспектордук агенттиктердин эл аралык федерациясынын мүчөсү болгон жана» деген сөздөр алып салынсын;
- 13-пунктунун:

экинчи абзацындагы «кандайдыр-бир инспекциянын бөлүгүнө» деген сөздөр «инспекциялоого же сыноолорду жүргүзүүгө» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

бешинчи абзацындагы «кандайдыр бир бөлүгүнө инспекция жүргүзүү үчүн» деген сөздөр «инспекциялоого же сыноолорду жүргүзүүгө» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

төмөнкүдөй мазмундагы төртүнчү абзац менен толуктасын:

«1^1-эскертүү - Субподряд келишимин түзүүнүн негиздери жеңилгис күчтүн кесепетинин күтүлбөген жагдайларын, башкача айтканда мындай шарттагы өзгөчө жана алдын алгыс жагдайларды (форс-мажор) камтышы мүмкүн;»;

алтынчы абзацында «инспекциянын курамдык бөлүгү болгон» деген сөздөр «инспекциялоо же сыноолорду жүргүзүү боюнча» деген сөздөр менен алмаштырылсын.

2. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Премьер-министр **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 17-апрели, №208

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2012-ЖЫЛДЫН 2-ИЮНУНДАГЫ №358 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР МИНИСТРЛИГИНИН АЛДЫНДАГЫ ГИДРОМЕТЕОРОЛОГИЯ БОЮНЧА АГЕНТТИК ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 284-287-беренелерин ишке ашыруу максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 2-июнундагы №358 "Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы Гидрометеорология боюнча агенттик жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин алдындагы Гидрометеорология боюнча агенттик жөнүндө жободо:

- 9-пунктунун 2-пунктчасы төмөнкүдөй мазмундагы онунчу абзац менен толуктасын:

"- өзүнүн компетенциясынын чегинде бузуулар жөнүндө иштер боюнча өндүрүштү жүргүзөт.".

2. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги өзүнүн чечимдерин ушул токтомго шайкеш келтирсин жана ушул токтомдон келип чыгуучу зарыл чараларды көрсүн.

3. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 22-апрели, №211

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2016-ЖЫЛДЫН 14-МАРТЫНДАГЫ №123 "КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН "АРЗАН ТУРАК ЖАЙ 2015-2020" ПРОГРАММАСЫНЫН КАТЫШУУЧУЛАРЫН ТАНДООНУН ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ УБАКТЫЛУУ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Арзан турак жай 2015-2020" программасын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон шарттарды түзүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 14-мартындагы №123 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Арзан турак жай 2015-2020" программасынын катышуучуларын тандоонун тартиби жөнүндө убактылуу жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн "Арзан турак жай 2015-2020" программасынын катышуучуларын тандоонун тартиби жөнүндө убактылуу жободо:

- 4-главасы төмөнкүдөй мазмундагы 9^3, 9^4, 9^5, 9^6, 9^7, 9^8, 9^9, 9^{10}, 9^{11}-пункттар менен толуктасын:

"9^3. Эл аралык донорлор тарабынан каржыланган турак жай долбоорлорунун алкагында Программага катышуу үчүн жарандар анкета-арызды жана документтерди жашаган жери боюнча өнөктөш-банктарга беришет.

9^4. Программага катышуучулардын тизмелерин түзүүнүн ачык-айкындыгын камсыздоо максатында МИК автоматташтырылган маалымат системасы аркылуу Программага катышуу үчүн өтүнмөлөрдү берүүнүн электрондук формасын киргизет.

Өтүнмөлөрдү берүүнүн электрондук формасын ишке киргизгенге чейин Программага катышуучулардын тизмелери ушул Жобонун 9^1, 9^2, 9^3-пункттарына жана 10-15-пункттарына ылайык түзүлөт.

9^5. Жарандар Программага катышуу үчүн өтүнмөнү электрондук формада МИКтин расмий веб сайтында каттоо жолу менен, ошондой эле электрондук мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүүчү платформалар аркылуу беришет.

9^6. Өтүнмөнү электрондук формада өз алдынча берүү мүмкүндүгү болбогон учурда, жарандар МИКтин веб сайтындагы автоматташтырылган маалымат системасы аркылуу өтүнмөнү электрондук формада берүү үчүн шаарлардын мэрияларына (Бишкек шаарынын мэриясын кошпогондо), административдик райондор боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрацияларына, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга жана МИКтин өнөктөш банктарына кайрыла алышат.

9^7. Автоматташтырылган маалымат системасын колдонуу менен МИКтин веб сайтында иштөө үчүн шаарлардын мэрияларынын (Бишкек шаарынын мэриясын кошпогондо), административдик райондор боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрацияларынын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана МИКтин өнөктөш банктарынын ыйгарым укуктуу кызмат адамдары МИКтин веб сайтындагы автоматташтырылган маалымат системасында авторизациялоодон өтөт.

9^8. Жарандар кайрылганда шаарлардын мэрияларынын (Бишкек шаарынын мэриясын кошпогондо), административдик райондор боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрацияларынын, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана МИКтин өнөктөш банктарынын ыйгарым укуктуу кызмат адамдары:

- каттоо үчүн жардамга кайрылган жарандарды веб сайтта каттайт;
- МИКтин веб сайтында катталган жарандарды идентификациялоо жол-жобосунан өткөрөт;
- жеке маалыматтар менен иш жүргүзүү үчүн ушул Убактылуу жобонун 4-тиркемесине ылайык жарандардан жана күйөөсүнөн (аялынан) жазуу жүзүндөгү макулдугун алат;
- Программага катышуу үчүн акыркы электрондук өтүнмөнү түзөт.

9^9. Шаарлардын мэриялары (Бишкек жана Ош шаарларынын мэрияларын кошпогондо), жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана МИКтин өнөктөш банктары жеке маалыматтар менен иш жүргүзүү үчүн жарандын жана күйөөсүнүн (аялынын) жазуу жүзүндөгү макулдугунун түп нускаларын жалпылайт жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппаратына, административдик райондор боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациялары - Бишкек шаарынын мэриясына жиберет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары жеке маалыматтар менен иш жүргүзүү үчүн жарандардын жана күйөөсүнүн (аялынын) жазуу жүзүндөгү макулдугунун түп нускаларын МИКке ар айдын 30уна чейинки мөөнөттө жиберип турушат.

9^{10}. Программага катышуу үчүн электрондук өтүнмөнү жана жарандардын жеке маалыматтар менен иш жүргүзүүгө макулдугунун түп нускаларын алгандан кийин МИК "Түндүк" ведомстволор аралык электрондук аракеттенүү системасы аркылуу ушул Убактылуу жободо каралган тандоо критерийлерине ылайык келишин текшерүү үчүн мамлекеттик органдардан Программанын катышуучулары жана алардын күйөөсү (аялы) тууралуу керектүү маалыматты сурап апат.

9^{11}. Каттоо датасына жана жарандардын категорияларынын артыкчылыктыгына жараша МИКтин автоматташтырылган маалымат системасында МИКтин текшерүү жана бекитүү жол-жоболорунан өткөн Программанын катышуучуларынын электрондук тизмеси түзүлөт.";

-21^1-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"Программанын катышуучулары МИКтин расмий сайтына катышуучулардын тизмеси жайгаштырылган учурдан тартып Программанын алкагында өнөктөш банктарга кароого керектүү документтерин берүүгө укуктуу болушат.";

- ушул токтомдун тиркемесине ылайык редакцияда 4-тиркеме менен толуктасын.

2. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 22-апрели, №213

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА ТАРМАКТАРЫН ЖАНА КАЛКЫН 2020/2021-ЖЫЛДАРДАГЫ КҮЗ-КЫШ МЕЗГИЛИНЕ ДАЯРДОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Экономика тармактарын жана калкты электр жана жылуулук энергиясы, отун ресурстары менен камсыз кылуу, министрликтерди, мамлекеттик комитеттерди, административдик ведомстволорду жана республиканын региондорун 2020/2021-жылдардагы күз-кыш мезгилинен өтүүгө өз убагында даярдоо максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2020/2021-жылдардагы күз-кыш мезгилине даярдоо боюнча иш-чаралардын планы (мындан ары - Иш-чаралар планы) 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор, Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин алдындагы "Кыргызкөмүр" жана "Кыргызжылуулукэнерго" мамлекеттик ишканалары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттары, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана макулдашуу боюнча: жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, Бишкек шаарынын мэриясынын "Бишкекжылуулукэнерго" коммуналдык ишканасы, "Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы", "Электр станциялар", "Кыргызстандын улуттук электр тармагы", "Түндүк электр", "Ош электр", "Чыгыш электр", "Жалалабат электр", "Кыргызнефтегаз", "Бишкек жылуулук тармагы", "Чакан ГЭС" ачык акционердик коомдору (мындан ары ААК), "Газпром Кыргызстан" жоопкерчилиги чектелген коому (мындан ары - ЖЧК) жана "Жылуулук камсыздоо" Ош муниципалдык ишканасы:

- Иш-чаралар планын, электр энергиясын жана кубаттуулуктарды керектөөнүн лимиттерин, графиктерди жана тапшырмаларды 1-21-тиркемелерге ылайык аткарууну камсыздашсын;

- 2020-жылдын 1-июлуна чейинки мөөнөттө, белгиленген тартипте бюджеттик мекемелер үчүн отун сатып алууга конкурс өткөрүү боюнча чараларды көрүшсүн жана алар менен келишимдерди түзүшсүн;

- 2020-жылдын 1-июнуна чейинки мөөнөттө, жылытуучу буу казандарынын жана отун-энергетикалык комплексинин ишканаларынын алдыда турган күз-кыш мезгилине иштөөгө даярдыгын текшерүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциянын өкүлдөрүнүн катышуусу менен жумушчу комиссияларды түзүшсүн (балансында жылытуу буу казандары жана энергетикалык жабдыктардын башка түрлөрү бар мекемелер үчүн);

- ай сайын отчеттук мезгилден кийинки айдын 10унан кечиктирбестен ушул токтомдун аткарылышы боюнча Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетине айдын 1ине карата абал боюнча маалыматты, анын ичинде көмүр сатып алуу боюнча конкурс өткөрүү жөнүндө, отун камдоо боюнча пландык тапшырмалардын аткарылышы тууралуу, отун базаларын түзүү жана көмүрдүн баасын көрсетүү менен сатуу пункттарын уюштуруу боюнча маалыматтарды берип турушсун. Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетине маалымат берүү жана ал маалыматтын тактыгына болгон жоопкерчилик министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, административдик ведомстволордун жетекчилерине, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө, жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга жана Кыргыз Республикасынын отун-энергетикалык комплексинин ишканаларынын жетекчилерине жүктөлсүн;

- отун-энергетикалык ресурстарды керектөөдө чыгымдарды азайтуу үчүн энергияны үнөмдөө жана энергиялык натыйжалуулукту жогорулатуу саясатын ишке ашыруу боюнча чараларды туруктуу негизде көрүшсүн.

3. "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, административдик ведомстволордун конкурстук комиссиялары, Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин алдындагы "Кыргызжылуулукэнерго" мамлекеттик ишканасы, "Электр станциялар" ААК (макулдашуу боюнча) 2020/2021-жылдардагы күз-кыш мезгилине даярдык көрүү жана бул мезгилден өтүү убагында "Кыргызнефтегаз" ААК жана Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин алдындагы "Кыргызкөмүр" мамлекеттик ишканасы үчүн Кыргыз Республикасынын аймагында алынган көмүр жана жагуучу мазут менен камсыз кылуу боюнча конкурска катышууда Кыргыз Республикасында салык жана камсыздандыруу салымдарын төлөө боюнча карыздары тууралуу маалыматты берүү жөнүндө талапты колдонууну убактылуу токтотушсун.

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттиги 2020-жылдын 25-майына чейинки мөөнөттө:

- Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин алдындагы "Кыргызкөмүр" мамлекеттик ишканасы берген тизмеге ылайык Кыргыз Республикасынын отун-энергетикалык комплексинин ишканаларына көмүр берген Кыргыз Республикасынын көмүр казуучу компаниялары үчүн көмүрдүн баасын белгилесин;

- "Кара-Кече" кени - Балыкчы темир жол станциясы жана Таш-Көмүр шаары — Бишкек шаарынын ЖЭБи маршруту боюнча автортранспорт каражаттары менен көмүр ташуунун баасын аныктасын жана аларды пайдалануага сунуштасын;

- Ош шаарынын ЖЭБине, Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин алдындагы "Кыргызжылуулукэнерго" мамлекеттик ишканасынын жылуулук менен камсыздоочу филиалдарына жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматынын аскердик бөлүктөрүнө берүү максатында "Кыргызнефтегаз" ААК үчүн "М-100" маркасындагы жагуучу мазутунун баасын белгилесин.

5. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары (макулдашуу боюнча) отун базаларындагы жана калк үчүн көмүр сатуучу пункттардагы көмүрдүн баасын байкап турушсун. Көмүрдүн баасы бир айдын ичинде 20 жана андан көп пайызга кымбаттаган учурда Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине мыйзамдарда белгиленген тартипте бааны турукташтыруу боюнча сунуш киргизишсин.

6. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары тарабынан киргизилген сунуштарга мониторинг жана талдоо жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча көмүрдүн баасы бир айдын ичинде 20 жана андан ашык пайызга кымбаттаган учурда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө көмүрдүн баасына мамлекеттик жөнгө салууну киргизүү боюнча сунуш берсин.

7. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги республиканын бийик тоолуу шарттарында жана жетүүгө кыйын алыскы аймактарында жашаган адамдар үчүн 2020-жылы компенсациялык каражаттарды "Кыргыз Республикасынын 2020-жылга республикалык бюджети жана 2020-2021-жылдарга болжолу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында каралган каражаттардын чегинде квартал сайын өз убагында бөлүүнү камсыздасын.

8. Министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттары, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, Бишкек жана Ош шаарларынын мэриялары (макулдашуу боюнча):

- керектелген электр, жылуулук энергиялары, жаратылыш газы, көмүр жана жагуучу мазут үчүн өз убагында толук көлөмдө акы төлөөнү камсыздашсын;

- энергетикалык компанияларга аба жана кабелдик электр берүү линиялары өткөн кайтаруудагы зоналарда тоскоолдук жараткан бак-даректарды кыюуга көмөк көрсетүшсүн.

9. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматы жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы коңшу мамлекеттер (Казакстан Республикасы, Тажикстан Республикасы, Өзбекстан Республикасы) менен чектешкен аймактар боюнча өтүүчү электр берүү линияларын жана магистралдык газ түтүктөрүн пландык же авариялык оңдоо зарылдыгы келип чыккан учурда Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек арасы аркылуу ремонттук-техникалык персоналды, технологиялык жабдыктарды жана шаймандарды өткөрүүгө көмөк көрсетүшсүн.

10. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонд, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик салык кызматы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы, Кыргыз Республикасынын Социалдык фонду жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик материалдык резервдер фонду күз-кыш мезгилине даярдык көрүү жана андан өтүү учурунда "Электр станциялар", "Кыргызстандын улуттук электр тармагы", "Түндүк электр", "Чыгыш электр", "Ош электр", "Жалалабат электр", "Чакан ГЭС", "Бишкек жылуулук тармагы", "Кыргызнефтегаз" ААКларынын, "Газпром Кыргызстан" ЖЧКнын, Бишкек шаарынын мэриясынын "Бишкек жылуулук энерго" коммуналдык ишканасынын, "Жылуулук камсыздоо" Ош муниципалдык ишканасынын, Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин алдындагы "Кыргызжылуулукэнерго" жана "Кыргызкөмүр" мамлекеттик ишканаларынын алыш-бериш эсептерин жабуу боюнча чечимдерди кабыл алышпасын.

11. Төмөнкүлөр үчүн жеке жоопкерчилик жүктөлсүн:

- электр энергиясын жана кубаттуулуктарды керектөө боюнча белгиленген лимиттерди аткаруу үчүн - Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнө, жергиликтүү мамлекеттик администрация башчыларына, айыл өкмөт башчыларына, "Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы", "Түндүк электр", "Чыгыш электр", "Ош электр", "Жалалабат электр", "Кыргызстандын улуттук электр тармагы" ААКларынын жетекчилерине;

- электр жана жылуулук энергиялары, жаратылыш газы үчүн акы төлөөнү кечиктиргени үчүн - бюджеттик уюмдардын жетекчилерине;

- энергиялык жабдууларга ремонттук-калыбына келтирүү иштерин сапаттуу жана өз убагында жүргүзүү үчүн - "Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы", "Түндүк электр", "Ош электр", "Чыгыш электр", "Жалалабат электр", "Кыргызстандын улуттук электр тармагы", "Электр станциялар", "Чакан ГЭС", "Бишкек жылуулук тармагы" ААКларынын, Бишкек шаарынын мэриясынын "Бишкекжылуулукэнерго" коммуналдык ишканасынын, "Жылуулук камсыздоо" Ош муниципалдык ишканасынын, Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин алдындагы "Кыргызжылуулукэнерго" мамлекеттик ишканасынын жетекчилерине жүктөлсүн.

12. Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин алдындагы "Кыргызжылуулукэнерго" мамлекеттик ишканасы:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттик тарабынан белгиленген 2020-жылга карата пландалган техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн аткарылышын камсыздасын;

- 2020/2021-жылдардагы жылытуу мезгили башталганга чейин буу казан жабдууларынын жана жылуулук тармактарынын ондоо иштерин аяктоону камсыздасын.

13. "Бишкек жылуулук тармагы" ААКга, Бишкек шаарынын мэриясынын "Бишкекжылуулукэнерго" коммуналдык ишканасына, "Жылуулук менен камсыздоо" Ош муниципалдык ишканасына төмөнкүлөр сунуштасын:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттик тарабынан белгиленген 2020-жылга карата пландалган техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн аткарылышын камсыздоо;

- 2020/2021-жылдардагы жылытуу мезгили башталганга чейин буу казан жабдууларынын жана жылуулук тармактарынын ондоо иштерин аягына чыгаруу.

14. Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин алдындагы "Кыргызкөмүр" мамлекеттик ишканасы:

2020-жылдын 15-майына чейинки мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигине көмүрдүн баасын аныктоо үчүн Кыргыз Республикасынын отун-энергетикалык комплексинин ишканаларына көмүр жеткирген көмүр казуучу компаниялардын тизмесин берсин;

- 2020/2021-жылдардагы күз-кыш мезгилине өз убагында даярдануу максатында көмүр катмарын ачуу боюнча иштерди толук көлөмдө аткарууну камсыздоо үчүн Кавак күрөң көмүр бассейниндеги иштетилип жаткан участокторду кен транспорттук техника менен комплектесин;

- Бишкек шаарынын ЖЭБине берилүүчү көмүрдүн сапатын "Электр станциялар" ААК тарабынан көрсөтүлгөн техникалык мүнөздөмөлөргө шайкеш келтирүүнү камсыздасын.

15. "Кыргызнефтегаз" ААКга төмөнкүлөр сунуштасын:

2020-жылдын 15-майына чейинки мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттигине Ош шаарынын ЖЭБине, Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин алдындагы "Кыргазжылуулукэнерго" мамлекеттик ишканасынын жылуулук менен камсыздоочу филиалдарына жана Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматынын аскердик бөлүктөрүнө мүмкүн болушунча кыска мөөнөттүн ичинде жагуучу мазутту зарыл болгон көлөмдө берүүнү камсыз кылсын.

16. "Улуттук энергетикалык холдинг компаниясы" ААКга төмөнкүлөр сунуштасын:

- "Электр станциялар", "Кыргызстан улуттук электр тармагы", "Түндүк электр", "Чыгыш электр", "Ош электр" жана "Жалалабат электр" ААКлар менен бирдикте:

республиканын керектөөчүлөрүн электр энергиясы менен үзгүлтүксүз камсыздоо боюнча чараларды көрүү;

бюджеттик керектөөчүлөрдүн карыздарын жана республиканын бийик тоолуу шарттарында жана жетүүгө кыйын алыскы аймактарда жашаган адамдарга 2019-жылдын төртүнчү кварталы үчүн төлөнүүчү компенсацияны эсепке албастан, 2020-жылы электр тармактарында электр энергиясынын жоготууларынын деңгээлин: "Кыргызстан улуттук электр тармагы" ААКда - 5,0% чейин, "Түндүк электр" ААКда - 10,0% чейин, "Чыгыш электр" ААКда -11,8% чейин, "Ош электр" ААКда - 10,4% чейин, "Жалалабат электр" ААКда - 10,4% чейин азайтууну жана дебитордук карыздарды 25% чейин азайтууну камсыз кылуу;

- "Электр станциялар", "Кыргызстандын улуттук электр тармагы", "Түндүк электр", "Чыгыш электр", "Ош электр", "Жалалабат электр", "Чакан ГЭС" ААКлар менен бирдикте 2020-жылга карата Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Отун-энергетикалык комплексин жөнгө салуу боюнча мамлекеттик агенттик тарабынан белгиленген пландык техникалык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн аткарылышын камсыздоо;

- "Көк-Жар" турак жай конушунун көп батирлүү турак үйлөрүн альтернативдүү жылуулук жөнүндө маселе чечилгенге чейин электр энергиясы жана электр жылуулук менен камсыздоо чараларын кароо.

17. "Кыргызстандын улуттук электр тармагы", "Түндүк электр", "Чыгыш электр", "Ош электр", "Жалалабат электр", "Бишкек жылуулук тармагы" ААКларга жана "Газпром Кыргызстан" ЖЧКга төмөнкүлөр сунуштасын:

- саламаттык сактоо объектилеринен, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматынан, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жазаларды аткаруу мамлекеттик кызматынын мекемелеринен жана объектилеринен, Кыргыз Республикасынын Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитетинин кошуундарынан, бөлүктөрүнөн, мекемелеринен жана Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Генералдык штабынан тышкары, электр жана жылуулук энергиясы, жаратылыш газы үчүн дебитордук карыздары бар керектөөчүлөргө жана электр энергиясын керектөөнүн белгиленген лимиттеринен ашык чыгымдалышына жол берген бюджеттик уюмдарга карата белгиленген тартипте тийиштүү чара көрүү;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттары менен бирдикте электр энергиясын жана кубаттуулуктарды пайдалануу лимиттеринен ашырууга жол бербөө;

- "Жылуулук менен камсыздоо" Ош муниципалдык ишканасынын, Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетинин алдындагы "Кыргыз жылуулук энерго" мамлекеттик ишканасынын жана Бишкек шаарынын мэриясынын "Бишкек жылуулук энерго" коммуналдык ишканасынын технологиялык объектилерин буу казан жабдууларын ондоо жана 2020/2021-жылдардагы күз-кыш мезгилинен өтүү убагында өз ара кепилдик жана башка милдеттенмелерди сактоо менен электр энергиясынан өчүрбөө.

18. "Газпром Кыргызстан" ЖЧКга төмөнкүлөр сунуштасын:

- 2020/2021-жылдардагы күз-кыш мезгилинде Бишкек шаарынын ЖЭБин, Ош шаарынын ЖЭБин жана Кыргыз Республикасынын керектөөчүлөрүн жаратылыш газы менен үзгүлтүксүз камсыз кылуу;

- Кыргыз Республикасынын 2030-жылга чейин газ менен камсыздоо жана газдаштыруу боюнча башкы схеманын алкагында 2020-жылга карата Инвестициялык программанын аткарылышын камсыздоо;

- 2020-жылга карата Инвестициялык программанын аткарылышы боюнча маалыматты ай сайын Кыргыз Республикасынын

(Уландысы 14-бетте)

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2019-ЖЫЛДЫН 27-АВГУСТУНДАГЫ №429 "МАДАНИЯТ, ИСКУССТВО ЖАНА МААЛЫМАТ МЕКЕМЕЛЕРИНИН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНЕ ЭМГЕК АКЫ ТӨЛӨӨНҮН ШАРТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ" ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттарын жакшыртуу максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 27-августундагы №429 "Маданият, искусство жана маалымат мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

- 2-пункту "Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин алдындагы Кинематография департаментинин Т.Океев атындагы "Кыргызфильм" улуттук киностудиясынын" деген сөздөрдөн кийин ", М.В.Фрунзенин мемориалдык Үй-музейинин, Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин алдындагы "Ата-Бейит" Улуттук мемориалдык-тарыхый комплексинин, "Шах-Фазиль" мамлекеттик тарыхый-маданий корук музейинин, Нарын мамлекеттик облустук тарыхый-этнографиялык музейинин, Тургунбай Садыков атындагы Ош облустук көркөм сүрөт музейинин, Курманжан Датка атындагы Көчмөн цивилизациясынын борборунун, Кыргыз Улуттук "Манас ордо" комплексинин, Ак-Талаа райондук тарых музейинин, Жумгал райондук тарыхый-этнографиялык музейинин, Кочкор райондук Осмонаалы Сыдык уулу атындагы тарыхый край-таануу музейинин, А.Усонбаев атындагы фольклордук-этнографиялык музейинин, Суракан Кайназарованын мемориалдык үй-музейинин, Алыкул Осмонов атындагы Мамлекеттик мемориалдык комплексинин, Республикалык археолого-архитектуралык "Бурана" мунарасынын комплекстик музейинин, Жети-Өгүз райондук Кален Жетимишбаев атындагы тарыхый край-таануу музейинин, Ысык-Көл мамлекеттик тарыхый маданий корук-музейинин, Кыдыр Аке атындагы Ак-Суу райондук мамлекеттик тарыхый - аймак таануу музейинин, Курманжан Датка тарыхый-этнографиялык музейинин, Ноокат райондук тарых музейинин, Кадамжай райондук Абдыкадыр Орозбеков атындагы музейинин, Лейлек райондук маданият бөлүмүнө караштуу Музейлер комплексинин, Ала-Бука райондук тарыхый-этнографиялык музейинин, Ноокен райондук А.Кулумбетов атындагы тарыхый-этнографиялык музейинин, Аксы райондук Жеңижок атындагы тарыхый-этнографиялык музейинин, Тогуз-Торо районунун тарыхый-этнографиялык музейинин, Токтогул Сатылганов атындагы мемориалдык үй-музейинин, Жоомарт Бөкөнбаев атындагы музейинин, Коргол Досу уулунун музейинин, Абды Суеркулов музейинин" деген сөздөр менен толуктасын.

2. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 27-апрели, №221

СЫРТКЫ ВИДЕОБАЙКОО СИСТЕМАСЫНА КОЮЛУУЧУ ТЕХНИКАЛЫК ТАЛАПТАРДЫ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

"Сырткы видеобайкоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Сырткы видеобайкоо системасына коюлуучу техникалык талаптар тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги ушул токтомдон келип чыккан зарыл болгон чараларды көрсүн.

3. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын коргоо, укуктук тартип жана өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнө жүктөлсүн.

4. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 29-апрели, №224

2016-ЖЫЛДЫН 28-ОКТЯБРЫНДА МИНСК ШААРЫНДА КОЛ КОЮЛГАН 2009-ЖЫЛДЫН 20-НОЯБРЫНДАГЫ КМШга КАТЫШКАН МАМЛЕКЕТТЕРДИН АЙМАГЫНАН ӨТҮҮЧҮ ЭЛ АРАЛЫК ТРАНСПОРТТУК КОРИДОРЛОРДУ МАКУЛДАШЫП ӨНҮКТҮРҮҮ ЖӨНҮНДӨ МАКУЛДАШУУГА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ТУУРАЛУУ ПРОТОКОЛДУ БЕКИТҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Ички мамлекеттик жол-жоболорду аткаруу максатында, "Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 18-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. 2016-жылдын 28-октябрында Минск шаарында кол коюлган 2009-жылдын 20-ноябрындагы КМШга катышкан мамлекеттердин аймагынан өтүүчү эл аралык транспорттук коридорлорду макулдашып өнүктүрүү жөнүндө макулдашууга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу Протокол бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги аталган Протоколдун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон ички мамлекеттик жол-жоболорду Кыргыз Республикасы аткаргандыгы жөнүндө Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин Аткаруу комитетине билдирсин.

3. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Премьер-министр **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 29-апрели, №225

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САЛАМАТТЫК САКТОО МИНИСТРЛИГИНИН АЛДЫНДАГЫ ДАРЫ КАРАЖАТТАРЫ ЖАНА МЕДИЦИНАЛЫК БУЮМДАР ДЕПАРТАМЕНТИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечимдерин дары каражаттарын жана медициналык буюмдарды жүгүртүү жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш келтирүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаменти жөнүндө жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

1) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 26-сентябрындагы №556 "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Дарылык камсыздоо жана медициналык техника департаментин түзүү жөнүндө" токтому;

2) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 11-ноябрындагы №747 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгертүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтомунун 3-пункту;

3) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 20-апрелиндеги №237 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгертүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому;

4) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 14-августундагы №521 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 26-сентябрындагы №556 "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Дарылык камсыздоо жана медициналык техника департаментин түзүү жөнүндө" токтому;

5) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-апрелиндеги №217 "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин алдындагы Медицина-техникалык борборду кайра уюштуруу маселелери жөнүндө" токтомунун 4-пункту;

6) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 2-декабрындагы №824 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 26-сентябрындагы №556 "Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигине караштуу Дары-дармек менен камсыздоо жана медициналык техникалар департаментин түзүү жөнүндө" токтомуна өзгертүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

7) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 16-сентябрындагы №644 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине толуктоолорду жана өзгертүүлөрдү киргизүү жөнүндө" токтому;

8) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 13-июнундагы №362 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине өзгертүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтому.

3. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын социалдык өнүктүрүү бөлүмүнө жүктөлсүн.

4. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 30-апрели, №227

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН 2009-ЖЫЛДЫН 19-СЕНТЯБРЫНДАГЫ №594 «ОЗОНДУ БУЗУУЧУ ЗАТТАРДЫ ЖАНА АЛАРДЫ КАМТЫГАН ПРОДУКЦИЯНЫ ТАШЫП КЕЛҮҮНҮ ЖАНА ТАШЫП ЧЫГУУНУ МАМЛЕКЕТТИК ЖӨНГӨ САЛУУ ЖӨНҮНДӨ ЖОБОНУ БЕКИТҮҮ ТУУРАЛУУ» ТОКТОМУНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

ТОКТОМУ

Озонду бузуучу заттарды ташып келүүнү жана ташып чыгууну жөнгө салуу чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын Евразия экономикалык бирлигинин ченемдик укуктук актыларына шайкеш келтирүү максатында, «Атмосфералык абаны коргоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 40-1-статьясына, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 19-сентябрындагы №594 «Озонду бузуучу заттарды жана аларды камтыган продукцияны ташып келүүнү жана ташып чыгууну мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Озонду бузуучу заттарды жана аларды камтыган продукцияны ташып келүүнү жана ташып чыгууну мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө жободо:

- 7-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

«7. Бажы иши чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган квартал сайын курчап турган чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга Озон катмарын бузуучу заттар боюнча Монреаль протоколунун Катчылыгына жиберилүүчү отчетту түзүү үчүн озонду бузуучу заттар жана аларды алмаштыруучулар, ошондой эле аларды камтыган продукциялар боюнча үчүнчү өлкөлөр менен тышкы соода жүргүзүү жөнүндө жыйынды маалыматтарды берет.

Арыз ээлери озонду бузуучу заттардын жана аларды алмаштыруучулардын эсебин жүргүзөт жана жыл сайын, отчеттук жылдан кийинки жылдын 1-февралына чейин курчап турган чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга ушул Жобонун 5-тиркемесине ылайык форма боюнча отчет берет.»;

- жогоруда аталган Жобонун 1 жана 2-тиркемелери ушул токтомдун 1-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын;

- ушул токтомдун 2-тиркемесине ылайык редакциядагы 4 жана 5-тиркемелер менен толукталсын.

2. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 30-апрели, №230

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА ТАРМАКТАРЫН ЖАНА КАЛКЫН 2020/2021-ЖЫЛДАРДАГЫ КҮЗ-КЫШ МЕЗГИЛИНЕ ДАЯРДОО ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН

(Башталышы 13-бетте)

ТОКТОМУ

Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитетине берүү.

19. Министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттары, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (макулдашуу боюнча) "Газпром Кыргызстан" ЖЧКга Кыргыз Республикасынын 2030-жылга чейин газ менен камсыздоо жана газдаштыруу боюнча башкы схеманын алкагында 2020-жылга карата Инвестициялык программаны ишке ашырууга көмөк көрсөтүшсүн.

20. "Түндүк электр", "Чыгыш электр", "Ош электр", "Жалалабат электр" ААКларга жергиликтүү мамлекеттик администрациялар менен бирдикте электр энергиясын жана кубаттуулугун пайдалануу лимити ашып кеткен, негизги жабдууга күч келген, электр энергиясынын кубаттуулугунун тартыштыгы пайда болгон учурларда колдонуу үчүн электр тармактарына күч келүүнү жеңилдетүүнүн графиктерин иштеп чыгып "Кыргызстандын улуттук электр тармагы" ААКга берүү сунушталсын.

21. Төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 3-майындагы №210 "Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2019/2020-жылдардагы күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 3-октябрындагы №516 "Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 3-майындагы №210 "Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2019/2020-жылдардагы күз-кыш мезгилине даярдоо жөнүндө" токтомуна өзгертүүлөрдү киргизүү тууралуу" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 14-октябрындагы №544 "Кыргыз Республикасынын экономика тармактарын жана калкын 2019/2020-жылдардагы күз-кыш мезгилине даярдоонун жүрүшү жөнүндө" токтому.

22. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын өнөр жай, отун-энергетикалык комплекси жана жер казынасын пайдалануу бөлүмүнө жүктөлсүн.

23. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Премьер-министр **М.АБЫЛГАЗИЕВ**

Бишкек шаары, 2020-жылдын 30-апрели, №228

ЖҮРӨК ООРУТКАН ЖОГОТУУ

Президент Сооронбай Жээнбеков Бишкек шаарынын №3 Үй-бүлөлүк медицина борборунун үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун жетекчиси Жүзүм Көкүмбаеванын кайтыш болгондугуна байланыштуу анын жакындарына көңүл айтты.

«Бишкек шаарынын №3 Үй-бүлөлүк медицина борборунун үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун жетекчиси Жүзүм Көкүмбаева коронавирус илдетинен дүйнөдөн кайтты деген суук кабарды терең кайгыруу менен кабыл алдым. Бул илдет менен күрөштө ак халатчан медиктерибиз алдыңкы сапта турушат. Илдетти жуктуруп алуу коркунучуна карабай, жабыркап жатышса да, өтө бийик каармандык жана тайманбастык менен жарандарыбызды өлүмдөн, оорудан сактап калышууда. Тилекке каршы, бул күрөштө ак халатчан дарыгерибизден айрылып отурабыз”, - деди.

“Жүзүм Көкүмбаеванын элеси ар дайым ар бирибиздин, анын колунда дарылангандардын, кесиптештеринин жана жакындарынын эсинде өчпөй, сакталат. Ак жүрөк дарыгерибиздин бир туугандарына, жакындарына жана балдарына көңүл айтам, аза кайгысын тең бөлүшөм”, - делет Президент Сооронбай Жээнбековдун көңүл айтуусунда.

“Эркин Тоо” гезитинин эмгек жамааты Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, таланттуу акын жана журналист

Зайырбек АЖЫМАТОВдун

дүйнөдөн мезгилсиз кайткандыгына байланыштуу маркумдун үй-бүлөсүнө жана жакындарына терең кайгыруу менен көңүл айтып, аза-кайгыларын тең бөлүшөт.

КОЧКОР РАЙОНДУК СОТ АТКАРУУЧУЛАР КЫЗМАТ БӨЛҮМҮ ТАРАБЫНАН

8-июнь 2020-жылы саат 16.00дө Кочкор району Ак-Жар айылы "Талгар-Сарай" участкасында жайгашкан номери жок кашар чабан үйү, короо-жайы жер тилкеси менен пайдалуу аянты 114,43 чарчы метр, жашоо аянты 76,46 чарчы метр, жер тилкесинин аянты 1548,8 чарчы метр, кашардын аянты 624,80 чарчы метр иден. коду 4-04-05-1009-0102 болгон кыймылсыз мүлкү аукцион аркылуу ачык соода-сатыкка коюлат.

Кашар чабан үйү, короо-жайы жер тилкеси менен стартгык баасы 654 000 сом.

Ачык соода-сатыкка катышууну каалаган кардарлар стартгык баанын **5%** өлчөмүн Кочкор райондук сот аткаруучулар кызмат бөлүмүнүн **"РСК-Банк" 440 505 2100000123 БИК 440505 код 14238900 депозиттик эсебине** төгүп бериши зарыл жана ачык соода-сатыкка катышуу боюнча Кочкор райондук САКБга заявка тапшырып бериши зарыл. Заявка кабыл алуу мөөнөтү **5-июнь 2020-жылга чейин** экени белгиленет.

Кочкор райондук сот аткаруучулар кызмат бөлүмүнүн улук сот аткаруучусу Н.Сопубеков

С-182

Извещение

СПЕЦИАЛЬНЫЙ АДМИНИСТРАТОР

ОАО «КЫРГЫЗСКАЯ АГРОПРОДОВОЛЬСТВЕННАЯ КОРПОРАЦИЯ» - БАНКРОТ

объявляет открытые торги (аукцион) по продаже имущественного актива должника, без ограничения минимальной цены,

на аукцион выставляется единым лотом земельный участок площадью 33572 метр кв., находящийся по адресу: Ошская область, город Ош, ул. Касымбекова б/н, район ХБК. Идентификационный номер 5-11-06-0150-0226.

Ориентировочное цена лота 287 953 670 (двести восемь десять миллионов девятисот пятьдесят три тысяча шестьсот семдесять) сомов.

Аукцион состоится **14.00 часов 18 мая 2020 года** по адресу: **г.Ош, ул.Касымбекова, б/н**. К участию аукциона допускается лица, внесшие гарантийный взнос в размере **10%** от ориентировочной цены лота в кассу должника ОАО «Кыргызская агропродовольственная корпорация» - банкрот. Заявки принимаются **ежедневно с 10.00 по 16.00 часов 18 мая 2020 года** по адресу: **г.Бишкек, ул.Киевская, 96-А, каб. 611.**

Справки по телефону: (0553) 33-17-66.

Аукцион может не состоится если поступят заявки по цене предыдущего аукциона.

Н-415

ВОЙСКОВАЯ ЧАСТЬ 717 НГ ВС КР

объявляет о ликвидации.

Все претензии принимаются, в течение одного месяца по адресу: г.Бишкек, улица Киевская, 114, контактные телефоны: (0700) 47-00-91, (0555) 21-90-10, 66-39-67, 62-07-20.

Н-417

ЖОГОЛДУ

УТЕРЯ

Ош облусунун Кара-Кулжа районунун Сай айылынын тургуну Жамшитбек уулу Эламанга таандык жеке ишкердикти тактыктоочу күбөлүгү (ИНН: 22702139301602, ОКПО: 28906328) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

П/П-028

Жумадилов Улукбек Толубаевичке тиешелүү мамлекеттик акт серия ЧҮ№56974 жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Н-416

В связи с утерей гос. акта ЧҮ№413330 от 05.11.12 г. ОсОО «Терра компани» считать недействительным.

Н-418

ЖАРНАМА
Тел.: 62-19-06
РЕКЛАМА

МИНИСТЕРСТВО ТРАНСПОРТА И ДОРОГ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

ИССЫК-КУЛЬСКОЕ ТЕРРИТОРИАЛЬНОЕ УПРАВЛЕНИЯ АГЕНТСТВА АВТОМОБИЛЬНОГО ВОДНОГО ТРАНСПОРТА И ВЕСОГАБАРИТНОГО КОНТРОЛЯ

Объявляет конкурс на организацию пассажирских перевозок автомобильным транспортом на маршрутах нижеуказанных:

№ п/п	Номер лота	Номер и наименование маршрута	Время отправления автобусов	Место отправки автобусов	Потребное количество автобусов
I	II	III	IV	V	VI
1	1	№508 Балыкчы – Бишкек	7-50, 8-50, 9-50, 10-50, 11-50, 14-00, 15-00. периодичность ч/з день	Балыкчинский А/В	9
			обратно 8-50, 9-50, 10-50, 11-50, 12-50, 17-00, 17-30. периодичность ч/з день.	Бишкекский А/В	
			16-30 (сез.), 18-30 (сез.), 19-00 (сез.).периодичность ч/з день.	Балыкчинский А/В	4
			обратно 18-00(сез.), 18-30 (сез.), 19-00(сез.). периодичность ч/з день.	Бишкекский А/В	
2		№518 Балыкчы – Ош через Бишкек	8-30 периодичность ч/з день.	Балыкчинский А/В	3
			Обратно 8-00 периодичность ч/з день	Ошский А/В	
3		Балыкчы – Токмок	8-00, 9-00, 12-00, 15-00 периодичность ч/з день.	Балыкчинский А/В	5
			Обратно 8-00, 9-00, 12-00, 15-00 периодичность ч/з день	Токмокский А/В	
4		Балыкчы – Нарын	11-00, 16-00 периодичность ч/з день.	Балыкчинский А/В	3
			Обратно 11-00, 15-00 периодичность ч/з день	Нарынский А/В	
5		Балыкчы – Кочкор	10-00, 12-00 ежедневно	Балыкчинский А/В	4
			Обратно 8-30, 15-00 ежедневно	Кочкорский А/К	

В конкурсе могут принять участие, любые юридические и физические лица, зарегистрированные как субъекты предпринимательской деятельности, имеющие соответствующие лицензии на организацию пассажирских перевозок.

Заявка на конкурс принимаются со дня опубликования настоящего объявления **ежедневно с 9.00 до 17.00 ч.** дата опубликования 05.05.2020 г. **последний срок подачи заявок 03.06.2020 г. до 17.00 часов**. Начало конкурса **05.06.2020 г. в 10.00 часов утра.**

По адресу: Иссык-Кульская обл., г.Каракол, ул. Куренкеева №85, тел.: (03922) 3-02-93, (0701) 700-665 (Жапаров Мирант) участники конкурса могут получить полную информацию и конкурсные документы по вышеуказанному адресу.

С-181

Эркин Тоо
Гезит ээси: Кыргыз Республикасынын Өкмөтү

Биздин реквизиттер: р/с №1280010019784103 БИК 128001 ОКПО 20108596
ИНН. 00107199210141 ЗАО Кыргызский-Инвестиционно-Кредитный Банк (КИКБ)

Башкы редактор
КЕРИМБАЕВ
Дыйканбек
Качкынбаевич

Кабылдама 62-38-75

Башкы редактордун 1-орун басары
ЧЕРБЕКОВ Алмаз – 62-38-77

Башкы редактордун орун басары
ТЕМИРОВ Таалайбек – 62-38-78

Коммерциялык директор
САТЫКУЛОВ Орункул – 62-19-06 факс

Жооптуу катчы
ЖУНУСОВ Асан – 62-38-71

Жооптуу катчынын орун басары
АЛТЫМЫШЕВ Атай – 62-38-71

Бөлүмдөр:
Саясат жана экономика бөлүмү – 66-22-27
Маданият, илим, спорт жана туризм бөлүмү – 62-38-78
Сот-укук бөлүмү – 62-18-64

Веб-сайт – 62-38-74
Коммерциялык бөлүм – 62-18-66
"Нормативдик актылар" журналы – 62-18-64
Башкы эсепчи – 62-38-73
Компьютердик борбор – 62-38-74

Жарнамалар кыргыз, орус, англис тилдеринде берилет.
R – рекламалык материалдар

Жарнамалардын мазмунуна редакция жооп бербейт.
Мыйзамдар бир эле мезгилде кыргыз жана орус тилдеринде "Эркин Тоо" гезитинде жарыяланып, ал расмий жарыялоо болуп эсептелет.
Автордун көз карашы редакциянын позициясын билдирбейт.

Биздин дарегибиз:
Бишкек шаары, 720040, Абдумомунов көчөсү, 193.

erkintoo777@mail.ru
erkintoonews@gmail.com

● Юстиция министрлигинен өткөн катталуу күбөлүгүнүн №592
Жумасына эки ирет: шейшемби, жума күндөрү чыгат.

Индекси: 68451

"Учкун" АКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек ш., С.Ибраимов көчөсү, 24
Буйрутма №594. Нускасы 5024
Басууга 04.05.2020-ж. саат 21.00дө берилди
Сатык келишим баада

мамлекеттик расмий гезити
Эркин Too

Учур көйгөй

АСЫЛ МАКСАТТЫ АКСАТКАН ЖУКА КАПЧЫК

Өлкөдөгү бүгүнкү балдар үйлөрү, интернаттар совет мезгилинде Улуу Ата Мекендик согуштан кийин кароосуз калган балдардын саны өтө көбөйгөндүгүнө байланыштуу уюштурулган. Тилекке каршы, бүгүнкү күндө аларды совет мезгилиндегидей жетишээрлик каржылоого Өкмөттүн чамачаркы жетпейт. Бул көйгөйлүү маселени мекемелердин жетекчилери эл аралык кайрымдуулук фонддордун, меценаттардын демөөрчүлүктөрү менен чечүүгө аракеттенип келишет. Бирок, мындай толгон-токой түйшүк менен топтолгон каражаттын көбү – коммуналдык төлөмдөргө, мугалимдердин, тарбиячылардын маяналарына кетип, тарбияланууучуларга болор-болбос гана каражат калат, аларды тарбиялоо системасы да бүгүнкү заманбап талаптарга толук жооп бербейт.

Мисалы, коомдон огочо, жабык жамаатта тарбияланган улан-кыздар чыныгы жашоону гана эмес, сыртқы чөйрө, өзүн-өзү багуу, адамдар менен сүйлөшө билүү, тамак-аш даярдоо, дүкөнгө, базарга баруу сыяктуу күнүмдүк тирликтен да эч кандай кабарлары жок болгондуктан жаш куракгары жетип, балдар үйүнөн чоң турмушка чыккандардын бир даары турмуштун ар кандай сыноосуна туруштук бере албай тескери жолго түшкөндөрү да жок эмес.

Мындай абалдан чыгуунун бир гана жолу бар. Ал фостердик үй-бүлө деп аталат. Бул ата-эненин багуусунан ажыраган балдарды патронаж ыкмасы менен тарбиялоонун формасы. Өлкөдө фостердик үй-бүлө программасы 2012-жылдан бери иштеп келет. Максат – акырындап бүгүнкү балдар үйлөрүн, интернаттарды фостердик үй-бүлөгө алмаштыруу, мында балдарды камкордукка алышкан үй-бүлө мамлекет менен келишим түзүшөт, аларга мамлекет айлыкмаяна төлөп берет. Ал эми социалдык кызматкерлер ай сайын бул үй-бүлөлөрдө тарбияланышкан балдардын абалын текшерип, көзөмөлдөп турушат. Фостердик ата-энелер да тиешелүү талаптарга дал келүүлөрү керек. Мисалы, алар 35-65ке чейинки куракгары Кыргызстандын жараны болуулары шарт. Алар 72 сааттык атайын курстан өтүшкөндөн кийин гана сертификат алышып, социалдык кызмат менен келишим түзүшөт. Мындай үй-бүлөдө тарбиялангандардын саны да чектелүү болот. Мисалы, өз ыктыярлары менен багып алууну каалаган ата-энелердин бир же эки баласы болсо, анда алар үч балага чейин гана бала алууга укуктуу. Эгерде, алардын балдары жок болсо, 5 кичине балага чейин же үч өспүрүмдү алып тарбияласа болот. 2012-жылы өлкөдөгү 67 фостердик үй-бүлөгө 157 бала убактылуу тарбиялоого берилген. Бул өтө эле аз. Учурда өкмөт мындай фостердик үй-бүлөнүн бир мүчөсүнө ай сайын 6 миң сом, ушундай эле өлчөмдөгү каражатты тарбияланууучуга да берип келет. Ал эми, Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги балдарды асырап алган ата-энелерге – 8-9 миң сом, а балдарга анын өлчөмүн эки минимумга чейин жогорулатууну сунушташууда. Кыскасы, асыл максаттардын ишке ашуусу – баягы эле капчыкка кептелүүдө.

Жогоруда белгиленгендей, интернаттар, фостердик үй-бүлөлөр, реабилитациялоочу борборлор өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө жараша ар кандай куракта турмуштун оошкыйыштарын баштарынан кечиришкен, эртеңки улуулардын ордун басуучу уул-кыздарга билим-тарбия берип келишет. А мүмкүн, жогоруда аталган чоң-кичине борборлорду, балдар үйлөрүн бир борборго бириктирип, мамлекет бөлгөн каражатты майдалабай даректүү бир багытка, конкреттүү бир долбоорго берилсе натыйжалуу болот беле. Анан калса, кийинки кезде ата-энелеринин биринен айрылган балдар гана эмес, балдарын жакындарына таштап кетишкен мигранттардын балдары да ар кандай зомбулуктарга кириптер болуп жатышканы ачуу чындык. Бул учурдагы өтө көйгөйлүү маселелердин бир жагы.

Кийинки маселе жогорудагы маселелерден кем эмес, көйгөйлүү да, маанилүү да болушу мүмкүн. Кеп, биз жогоруда сөз учугун чубаган, балдай ширин балалыктарын ата-энелеринин, бир туугандарынын сүймөнчүлүгүнөн алыс, турмуштун ар кандай сыноолорун баштарынан кечиришкен балдар үйлөрүнүн, интернаттардагы тарбияланууучулардын жаш куракгары жетип, келечекке болгон алгачкы кадамдары жөнүндө болмокчу.

Ачыгын айтканда, бала кезинен мамлекеттин камкордугунда болгон улан-кыздар чыныгы турмуш мыйзамдарын билишпейт, бир да мамлекеттик уюм алардын кийинки жашоолоруна кызыгып да коюшпайт. Бул жагдайда өлкөдөгү бир нече өкмөттүк эмес уюмдар гана аларга жардам берүүгө аракеттенип келишет. Бирок, алардын да чамалары чарк.

Эң өкүнүчтүүсү – интернаттардын тарбияланууучуларына “Жетим” деген статус берилбейт. Ушундан улам, алар мамлекеттен эч кандай социалдык жеңилдиктерди, пособиелерди ала алышпайт. Социалдык кызматтын кызматкерлеринин айтымында “Жетим” деген статус баланын ата-энелери каза болгондо гана берилет экен. А учурда өлкөдөгү интернаттарда тарбияланган дардын көпчүлүгүнүн атасы же энеси бар. Ушул себептен аларды жетим деп эсептөөгө болбойт. Бирок, фонддун адистеринин айтымында, интернаттарда тарбияланып жаткандардын бир тобу ата-энелери алардан баш тартышкандардын же соттун чечими менен ата-эне укугунан ажыратылгандардын балдары, аларды мамлекет толук камкордукка алган. Экинчиден, аларды соттун чечими менен гана “Жетим” деп атоого болот, а бул түйшүктүү маселе менен социалдык кызматтын өкүлдөрү алекеттенгилери келбейт.

Маалыматтарга караганда, өткөн жылы балдар интернаттарынан 370ке жакын улан-кыз уядан учушкан. Алардын учурдагы абалы кандай? Бул чоң суроо. Жогоруда аталган фонддун адистеринин айтымында, мамлекеттин деңгээлинде жардам көрсөтүү системасын уюштуруу керек. Экинчиден, интернаттардын тарбияланууучуларынын учурдагы абалын так билүү үчүн атайын бирдиктүү база түзүп, ал аркылуу алар кайда окуп, иштеп жатышканына көз салып, мүмкүн аларга жашоолору үчүн үй-жай, юридикалык жана коргоо жагдайында көмөктөшүү керектир. Андыктан бул өтө көйгөйлүү, маанилүү маселени Эмгек жана социалдык коргоо министрлиги бекем көзөмөлгө алып, интернаттарда тарбияланган улан-кыздардын келечек тагдыры боюнча конкреттүү жол-жоболорду иштеп чыгып, аны бекем көзөмөлгө албаса жүздөгөн улан-кыздардын тагдыры бүдөмүк бойдон кала берээри талашсыз кеп.

Бактыбек ИМАМАДИЕВ

Өткөнүбүздү унутпай жүрөлү

РЕПРЕССИЯ КУРМАНДЫКТАРЫНЫН ТАРЫХЫ КАМТЫЛГАН КИТЕП

ЖАМКнын Кайтаруу жана күзөтүү департаментинин Окуу борборунун начальниги Болот Абдрахманов менен китептин тарыхы тууралуу маектешүү учурунда Кыргызстандын ар кайсыл бурчунан тууган дарынын дарегин сурап чалып жатышты. А көрсө репрессияга саясий, мамлекеттик кызматтагылар гана эмес, айылдын, райондун, облустун активдери, түрмөнүн жетекчилери да кабылыптыр. Көпчүлүгү жаштар экен. Китепти баракгасаң орусу, кыргызы, түркү, дунганы, айтор, Кыргызстандагы бардык улуттардан бар. Ар кандай айып тагылганы менен “58-статья менен эл душманы атылсын” деген өкүм баарына бирдей чыгарылган.

1991-жылы Бишкектен анча алыс эмес Чоң-Таш айылындагы кыш заводунун эски мешинен 137 адамдын сөөгү табылганы мурдагы СССРге мүчө мамлекеттерге көз ачып жумганча тараган. СССРдин курамындагы бир гана өлкөдө уникалдуу ачылыш болгон. Сталиндин репрессиясына бир гана Кыргызстан эмес, бир катар өлкөлөрдүн каймактары да тушуккан.

Жарым кылымдан ашуун дайын-дареги чыкпаган бир катар мамлекеттик ишмерлердин сөөктөрү күтүүсүз бир чуңкурдан табылган. Алардын катарында Кыргызстандын 20-30-жылдардагы көрүнүктүү саясий, мамлекеттик жана коомдук ишмерлери – Жусуп Абдрахманов, Баялы Исакеев, Төрөкул Айтматов, Эркинбек Эсенаманов, Мурат Салихов, Иманаалы Айдарбеков, Касым Тыныстанов сындуу чыгаандардын сөөгү да табылган эле. Дал ушул улуу сырдын бетин ошол кандуу окуядан түз кабары болгон Бүбүйра Кыдыралиева, КГБнын ошол кездеги офицери Болот Абдрахманов жана археолог Михаил Иванович Москалевдор ачкан эле. Ошол мезгилдеги ажо Аскар Акаевдин, ал тургай кийинки президенттердин тушунда тарыхый сырдын бетин ачкан үч адамдын эмгеги татыктуу бааланган эмес. Ал тургай, “Ата-Бейитте” кайра көмүү зыйнатына Бүбүйра Кыдыралиева апа, Болот Абдрахманов да чакырылган эмес. “Ата-Бейит” жөнүндөгү берүүнү көргөн Бүбүйра апа Болот Абдрахмановго чалып “Эскерүү иш-чарасына катышууга экөөбүздү чакырбаптыр”, - деп өкүнгөн.

“ФРУНЗЕ ШААРЫНЫН ТҮШТҮК ЖАГЫНДА 20 ЧАКЫРЫМ ЖЕРДЕ КӨМҮЛҮШҮ МҮМКҮН”

- “Ата-Бейитте" жарым кылымдан ашуун мезгил белгисиз, жашыруун сыр жаткан жайды ачкан соң, репрессия темасына менин тагдырым байланды да калды, - деп сөзүн баштады Болот Абдрахманов. Ал кезде мен КГБнын контр-чалгындоо бөлүмүнүн кызматкери катары коопсуздук, терроризм, шпиондук иш-аракеттерге байланышкан маалыматтарды изилдеп, тактап, жетекчиликке берчүмүн. Бир күнү ушул сыяктуу маалыматы бар экенин университеттин мугалими маалымдады. Ошондо Бүбүйра Кыдыралиева эже менен алгач тааныштым. Шпионажга байланыштуу маалыматы бар окшойт деп ойлодум. Иш жүзүндө такыр башка чыкты. Ошол жерден, бул мага тиешеси жок эле иш экен деп, эжени угуп туруп кетип калсам да болмок. Бирок, анте алган жокмун. Анан түшкө кирбеген кызыктын баары ошондо башталды.

“Ата-Бейит” жайгашкан жер 1930-жылдары НКВДнын эс алуу жайы экен. Бүбүйра эже а кезде 8 жашар кыз. Атасы Абыкан Кыдыралиев эс алуу жайдын кароолчусу, апасы тамак-ашын жасачу. 1938-жылдын ноябрында апасы экөөнү айылына жеткирет. Кичинекей кыз 10 чакты күндөн кийин келсе, баягы жердеги кыш заводу ураганын байкайт. А ата-энеси күндө ыйлап, куранды үзбөй окушат. 1978-жылы атасы көз жумаарда “Бүбүйра, сен ойноп жүргөн кыш заводдун астында көп адамдардын сөөгү бар. Жакшы заман орногондо ачыкка чыгар”, - деп аманат калтырат. 70-80-жылдардын башында сыр маалыматты чыгаруу түшкө да кирчү эмес. Демократия, кайра куруу заманы келгенде Бүбүйра эже ачыкка чыгаруу максатын көздөгөн. Өзүм тарыхый сырды уккандан кийин Коопсуздук кызматынан маалымат издедим. Эч маалымат жок. Бир гана “Фрунзе шаарынын түштүк жагында 20 чакырым жерде көмүлүшү мүмкүн” деген гана маалымат калган. 30-жылдары Фрунзе кайда, 20 чакырым кайда эле. Болгону гектарлаган аянттар гана жатчу.

Ошентип апрелдин башында Бүбүйра эже менен илгерки кыш заводунун ордуна бардык. Ал өзүнүн балалыгы өткөн жерин тааныды, толкунданды. Кароолчунун үйүнүн, эс алуу жайдын ордун көрсөттү. Заводдун ордунда чөп баскан дөңсөөлөр гана калган экен. Кыштын сыныгы жаткан жерди таап “ушул жер заводдун орду”, - деди Бүбүйра эже.

ДОКУМЕНТТЕР, ТАМЕКИ САЛГАН БАШТЫКТАРЫ, КӨЗ АЙНЕК, ФУРАЖКА, ТЫЙЫНДАР, БУТ КИЙИМДЕР ЧЫКТЫ

- Ошол жерди казганда узунтуурасы, тереңдиги 3 метр чуңкурдан 137 адамдын сөөгү, кийимдери, колдонгон буюмдарынан бери чыкты. Кыш бышырган бул мешке НКВДда атылган адамдар баш-аламан ташталган. Бири туруп, бири жатып, бири отуруп, айтор, ар кандай абалда көмүп салышкан. Баш сөөктөрдө атылган октордун тешиктери, бутун сындырып, бүтө электе көмүлгөнү бар. Алтын тиштүү баштар бар. Ошол мезгилде алтын тиштерди кызматтагылар салдырчу. Аларды абдан кыйнашкан. Жарымынан ылдый аба, ным кирбегендиктен документтер, тамеки салган баштыктары, көз айнек, Сталиндин учурундагы фуражка, тыйындар, бут кийимдеринен бери сакталып калган. Тажрыйбалуу археолог Москалевдун жардамы менен кандай кыйноолор болгонун, эмне менен чаап өлтүрүшкөнүн же атылганын билдик. Кандай кыйнашкан. Кийимдердин арасында кararган кагазда 58-статья менен “эл душманы атылсын” деген өкүм чыгарылган. Документтер биз үчүн чоң олжо эле. Анткени ошол документтеги номерлер аркылуу архивден карасак, бир папкадан көмүлгөн 137 адамдын атыжөнү чыкты. Өз мезгилинде сырдуу ишке катыштыгы бар түрмө начальниктеринин көздөрүн тазалап, изин жок кылышкан. Мындай кандуу окуялар СССРдин курамындагы өлкөлөрдө да болгон. Ал тургай, Кыргызстанда бир нече миңдеген адамдар репрессия апаатына кабылган менен калгандары кайда көмүлгөн?.. Тарыхый сырдын ачылышынан кийин Коопсуздук кызматына көптөгөн каттар келе баштады. Келген арыздар каралып, репрессияланган дар акталды.

20 МИҢ АДАМДЫН ЧОО-ЖАЙЫ ТОПТОЛДУ

- 1989-жылы Горбачевдун тушунда атайын указ чыгып, жашыруун иштер ачыкка чыгарылып, реабилитациялык иштер башталган. А Кыргызстанда актоо жумуштары “Ата Бейиттин” ачылышынан кийин активдүү жүрдү. Акталгандар “Советтик Кыргызстан” гезитине жарыяланып турду. Кийин Коопсуздук кызматынын башка кызматына которулуп, бир канча жылдан кийин келсем баягы архивдик иштер токтоп калыптыр. Россиянын курамындагы 50 аймактык субъекттери репрессия тууралуу ак китептерин чыгарышкан. Архивдик ишти, китеп чыгарууну колго алдым. Коопсуздук кызматынын окутуучулары, архив кызматкерлери документтерди тактоого 3 жарым жыл жардам беришти.

"Он томдон тургандыктан аз нуска менен бастырдым. Китеп алгач жогорку окуу жайларындагы тарых факультеттерине, китепканаларга жетсе деген аракетти көрүп жатабыз. Ачуу тарых келечек муунга сабак болушу керек. Китепти топтоого бир нече жылдык мээнет кетти. Тактап чыгуу үчүн Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитеттин архивиндеги 14 500 делону бирден баракгап чыктык. Китеп колума тийгенде көзүмө жаш тегеренип, аябай толкундандым. Мен эле эмес, китепти колуна алган ар бир киши ушундай эле сезимде болуп, жүрөгү зырп этет го", - деди автор. Анын себеби, элестетиңиз сыздаган 20 000 адамдын чоо-жайы том болуп топтолуп, колуңузда турса... Китепти топтогондо ошончо адамдын азап-тозогу, көргөн кыйноосу тасмадай тартылды. Бул тууралуу такыр кабары жок адамдар ыйлап, ыраазылыгын билдирип жатышат. Бир эле мисал, китепти басмаканага тапшырып кеттим. Жумушчуларын тааныбайм. Кийин китеп даяр болгондо алганы барсам, ал жердеги келин "мен өзүмдүн чоң атамды да таптым, биздин өзүбүздө да так маалымат жок эле", - деп ырахматын айтты.

Асел БАРЫКТАБАСОВА